# Билим берүү чөйрөсүндөгү сапаттын кепилдиги боюнча агентствосу «EdNet»

**Билим берүү программасына жүргүзүлгөн көз карандысыз аккредитациясынын жыйынтыгы боюнча**

# Эксперттик комиссиянын корутундусу

**530400 «Тарых»**

**Деңгээли: Магистратура**

**Апрель, 2026**

**МАЗМУНУ:**

Программа жана аккредитация жараяны жөнүндө маалымат....................................................3

Стандарттар боюнча программаны баалоо ......................................................................7

*1-СТАНДАРТ. БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУНУН МИССИЯСЫ ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨНҮКТҮРҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ.* ..................................................................7

*2-СТАНДАРТ. САПАТТЫ КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ ЖАНА СИСТЕМАСЫ.* ..........................9

*3-СТАНДАРТ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН МАКСАТТАРЫ ЖАНА ОКУУ НАТЫЙЖАЛАРЫ.* ..........................................................................................................12

4-СТАНДАРТ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ИШТЕП ЧЫГУУ, БЕКИТҮҮ ЖАНА АНЫН МАЗМУНУ, СТУДЕНТКЕ БАГЫТТАЛГАН ОКУТУУГА ШАРТ ТҮЗҮҮЧҮ ОКУУ ПРОЦЕССИ. МАГИСТРАНТТАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИ ЖАНА БААЛАНЫШЫ. ..........................................................................................................................15

*5-СТАНДАРТ. ПРОФЕССОРДУК-ОКУТУУЧУЛАР КУРАМЫ.* ...........................................25

*6-СТАНДАРТ. ИНФРСТРУКТУРА, РЕСУРСТАР ЖАНА МАГИСТРАНТТАРДЫ КОЛДОО* ..........................................................................................................................30

*7-СТАНДАРТ: ОТЧЕТТУУЛУК, АЙКЫНДУУЛУК, МААЛЫМАТТЫ БАШКАРУУ ЖАНА АНЫН ИШЕНИМДҮҮЛҮГҮ. КООМЧУЛУКТУ МААЛЫМДОО.* ..........................................34

ББУ/ББП АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ...........................................................................................39

*СУНУШТАЛГАН ЧАРАЛАР*..................................................................................................42

*АТКАРУУГА МИЛДЕТТҮҮ СУНУШТАР* ..............................................................................44

*1-тиркеме. ЭКСПЕРТТИК КОМИССИЯНЫН МҮЧӨЛӨРҮНҮН БИОГРАФИЯЛАРЫ* ......46

*2-тиркеме. ЭКСПЕРТТИК КОМИССИЯНЫН ББУГА САПАРЫНЫН ПРОГРАММАСЫ* .48

*3-тиркеме. ОКУУ НАТЫЙЖАЛАРЫНЫН ТИЗМЕСИ* .........................................................50

*4-тиркеме. ЭКСПЕРТТИК КОМИССИЯНЫН МҮЧӨЛӨРҮ ТАРАБЫНАН ТАЛДАНГАН ДОКУМЕНТТЕРДИН ЖАНА ИШТЕРДИН ТИЗМЕСИ* .........................................................51

## Программа жана аккредитация жараяны жөнүндө маалымат

### Билим берүү уюму жөнүндө кыскача маалымат

| | |
|---|---|
| **Билим берүү уюмунун (ББУ) аталышы** | Ош мамлекеттик университети |
| **Уюмдун менчигинин формасы**<br>**Каттоо номери жана датасы** | Мамлекеттик 92413-3310-<br>У-е ИУЖКнын коду: 02169105<br>ИСН: 00207199610017 |
| **Уюмдаштыруучу** | КРнын Билим берүү жана илим министрлиги |
| **ББУнун жетекчилиги** | Ректор ф-м.и.д., профессор Кожобеков К.Г. |
| **Аккредитациядан өтүүчү программа боюнча лицензиялык маалыматтар** | https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/21773299777Magistratura_-_2026.pdf |
| **ББУнын миссиясы** | жалпы адамзаттык баалуулуктарга ээ болгон жана мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө салым кошуучу заманбап адистерди даярдоо |
| **ББУнын стратегиялык максаттары** | Дүйнөнүн алдынкы ТОП-700 изилдөөчү университеттеринин катарына кирүү. ОшМУну Борбор Азиядагы эң алдынкы 3 университеттердин бирине айландыруу |
| **ББУнун артыкчылыктары** | ОшМУ өлкөдөгү 11 мамлекеттик университеттердин катарында ―Өзгөчө макам‖ алган окуу жай. Бул макамга ылайык билим берүү программаларынын стандарттарын түзүүдөн баштап финансылык, административдик жактан да автономия берилди. |
| **ББУнун жана ББПнын Магистранттарынын жана ПОКтун контингенти** | Университеттин студенттеринин контингенти – 48284, анын ичинде 1730 магистрант, ал эми аккредитацияланып жаткан программа боюнча 10 магистрант.<br><br>Университеттин профессордук-окутуучулар курамынын саны – 1727.<br>Жалпы ОшМУ боюнча 101 илимдин докторлору, 384 доценттер, 20 PhD, 314 улук окутуучу, 930 окутуучу, ал эми аккредитацияланып жаткан программа боюнча3 илимдин доктору, 14 илимдин кандидаты иштейт. |
| **ББУнун көмөкчү түзүмдүк бөлүмдөрү** | https://www.oshsu.kg/ru/page/24 |

### Билим берүү программасы жөнүндө кыскача маалымат

| | |
|---|---|
| **Билим берүү программасынын (ББП) аталышы** | Тарых |
| **Программанын шифры** | 530400 |

| | |
|---|---|
| **Профилдин аталышы / концентрациилар** | Археология жана социалдык антропология |
| **Ыйгарылуучу даражалар, квалификациялар** | Магистр |
| **Факультеттин / департаменттин/ институттун аталышы** | Тарых-юридика |
| **Веб-сайтка шилтеме / аккредитацияланууну программаны баракчасы** | https://law.oshsu.kg/pages/page/21233 |
| **Факультеттин / департаменттин/ институттун уюштуруу структурасы (шилтеме)** | ТЮИнин уюштуруу түзүмү: институттун директору, директордун окуу иштери боюнча орун басары, дистанттык технологияларды колдонуу менен сырттан окуу боюнча директордун орун басары, илимий иштер боюнча орун басары, директордун тарбия иштер боюнча орун басары, Эл аралык байланыштар жана рейтинг боюнча директордун орун басары, ОМКтин төрайымы, директордун магистратура бөлүмүнүн башчысы, Бүтүрүүчүлөр ассоциациясынын төрагасы/төрайымы, практика башчысы. |
| **Даярдоо деңгээли** | Магистр |
| **ББПдагы кредиттердин саны** | 120 |
| **Дареги** | Ош шаары, И. Раззаков көчөсү, 21 |
| **Окутуу формасы** | күндүзгү |
| **Окутуу тили** | Кыргыз/орус |
| **Өзүн-өзү баалоо жүргүзүүнүн даталары** | Октябрь 2025 - март 2026 |
| **ББУга эксперттик комиссиянын сапарынын даталары** | 06-07-апрель 2026-ж. |
| **Программанын жетекчиси/ кафедра башчысы** | Шаанов Талант Мурадиллаевич |
| **Биринчи аккредитациянын датасы** | Бул программа 2024-жылы жаңы ачылгандыктан биринчи жолу аккредитациядан өтүп жатат. |

Эксперттик комиссиянын курамы 2026-жылдын “23” мартында бекитилди. Комиссия алдын ала билим берүү уюму (ББУ) менен кызыкчылыктардын кагылышуусу жоктугу жана эксперттердин квалификациясына макулдук алуу маселелери боюнча макулдашылган. Комиссиянын курамына төмөнкүлөр кирген (ар бир эксперт боюнча кыскача маалымат тиркемеде берилген):

1. **Пулатова Гульнара Тулановна,** экономика илимдеринин кандидаты, доцент, Батырали Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин Окуу бөлүмүнүн башчысы, EdNet агенттигинин сапатты камсыздоо системасы боюнча эксперти;
2. **Жакшылыкова Тинатин Азискановна,** «Психология» кафедрасынын башчысы, «Ала-Тоо» эл аралык университети, улук илимий кызматкер;

3. **Хан Надежда Романовна,** философия илимдеринин кандидаты, Италиянын Рим шаарындагы Антонианум университетинин профессору, Борбор Азия өлкөлөрүн изилдөөчү “Faith and Reason” илимий институтунун эксперти;

4. **Дуйшо кызы Нуржан,** саясий илимдеринин кандидаты, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Ж. Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу Академиясынын Магистратура программасынын доценти;

5. **Койчуманова Чолпон Урушбековна,** тарых илимдеринин доктору, профессор, КР УИАнын мүчө-корреспонденти, И. Арабаев атындагы КМУнун Э.Ж. Маанаев атындагы Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү институтунун директору;

6. **Онкошова Гульнара Калмаковна,** Көп функциялуу "Гармония" коомдук бирикмесинин жетекчиси;

7. **Арынова Наргиза Сапаралиевна,** экономика илимдеринин кандидаты, Батырали Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин билим берүүнүн сапатын камсыздоо жана мониторинг бөлүмүнүн башчысы, EdNet агенттигинин сапатты камсыздоо системасы боюнча эксперти;

8. **Садырова Гулзат Камчыбековна,** К.Скрябин атындагы Кыргыз Улуттук Агрардык Университетинин Сапат, аккредитация жана лицензиялоо бөлүмүнүн башчысы. EdNet агенттигинин сапатты камсыздоо жана аккредитациялоо боюнча эксперти;

9. **Нургалиева Алмагуль Шаймуратовна,** экономика илимдеринин кандидаты, профессор, С. Сейфуллин атындагы Казак агротехникалык изилдөө университетинин академиялык маселелер боюнча департаментинин директорунун орун басары;

10. **Нарынгуль Маргазиева,** PhD, доценттин милдетин аткаруучу, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин туризм факультетинин деканынын орун басары;

11. **Мусабекова Зинат Ракымовна,** химия илимдеринин кандидаты, доцент, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин химия жана химиялык технология факультетинин ЮНЕСКО физикалык жана коллоиддик химия кафедрасынын башчысы;

12. **Шаршеев Эрмек Сабырович,** техникалык илимдердин кандидаты, доцент, Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин Архитектура, дизайн жана курулуш факультетинин «Экология жана өзгөчө кырдаалдарда коргонуу» кафедрасынын доценти;

13. **Сулайманова Майрамгул Азизбековна,** А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин «Химия» багыты боюнча ТТГФ тобунун 4-курс студенти.

Эксперттик комиссиянын ишин EdNet агенттигинин өкүлү, эксперттик комиссиянын ишин координатор катары Эдилбек уулу Сыймык коштоп жүрдү. Стандарттар жана программа жалпы жонунан EdNet агенттигинде бекитилген баалоо шкаласына ылайык бааланды:

- Толугу менен шайкеш келет
- Көпчүлүк деңгээлде шайкеш келет
- Жарым-жартылай шайкеш келет
- Шайкеш келбейт

Ушуга байланыштуу, эксперттик комиссия ар бир стандарт боюнча программага төмөнкүдөй баа берди:

| | |
|---|---|
| 1- стандарт. Билим берүү уюмунун миссиясы жана билим берүү программасынын өнүктүрүү стратегиясы. | көпчүлүк деңгээлде шайкеш келет |
| 2- стандарт. Сапатты камсыздоо саясаты жана системасы. | көпчүлүк деңгээлде шайкеш келет |
| 3- стандарт. Билим берүү программасынын максаттары жана окуу натыйжалары. | көпчүлүк деңгээлде шайкеш келет |
| 4- стандарт. Билим берүү программасын иштеп чыгуу, бекитүү жана анын мазмуну, студентке багытталган окутууга шарт түзүүчү окуу процесси. Магистранттардын жетишкендиктери жана бааланышы. | көпчүлүк деңгээлде шайкеш келет |
| 5- стандарт. Профессордук-окутуучулар курамы. | көпчүлүк деңгээлде шайкеш келет |
| 6 - стандарт. Инфраструктура, ресурстар жана магистранттарды колдоо. | көпчүлүк деңгээлде шайкеш келет |
| 7- стандарт. Отчеттуулук, айкындуулук, башкаруу жана маалыматтын бүтүндүгү. Коомчулукту маалымдоо. | жарым-жартылай шайкеш келет |

Эксперттик комиссиянын бардык мүчөлөрү баалоо толугу менен EdNet агенттигинин стандарттарына жана аккредитация өткөрүү саясатына ылайык жүргүзүлгөндүгүн тастыктайт, ошондой эле бул корутундуда берилген баалоонун жыйынтыктары чындыкка дал келип, коомчулукка толук объективдүү жана калыс маалыматты берет жана ага толук ишенүүгө болот. Ошондой эле алар чечим кабыл алуу үчүн EdNet агенттигинин Аккредитациялык кеңешине кароого сунуштарды беришти.

*EdNet агенттигинин Аккредитациялык кеңешинин чечиминин №* ***CA-16*** *протоколуна ылайык 530400 “Тарых” Билим берүү программасы 5 жылга аккредиттелген.*

# Стандарттар боюнча программаны баалоо

## *1-СТАНДАРТ. БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУНУН МИССИЯСЫ ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨНҮКТҮРҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ.*

| ***Стандарттын аныктамасы*** |
|---|
| *Бул стандартка ылайык, билим берүү уюмунун так аныкталган Миссиясы болушу керек. Билим берүү уюмунун миссиясы жалпыга маалым болушу керек. Билим берүү программасын өнүктүрүү боюнча иштелип чыккан стратегия Билим берүү уюмунун миссиясын ишке ашырууга көмөктөшүүгө тийиш .* |
| ***Стандартка Колдонмо*** |
| *Уюмдун миссиясы ар бир билим берүү мекемесинин стратегиялык өнүгүү планынын эң маанилүү бөлүгү болуп саналат. Ал ишмердүүлүктүн негизги максатын аныктайт. Адатта, билим берүү уюму өз ишин так миссияны аныктоо менен баштайт, бул ички стейкхолдерлерди багыттап, аларга өз алдынча, ошол эле учурда жалпы максаттарга жетүү үчүн жамааттык түрдө иштөөгө мүмкүнчүлүк берет.*<br>*Миссия келечекке болгон умтулууну чагылдырат, эмнеге аракет жумшала турганын жана кайсы баалуулуктарга артыкчылык берилерин көрсөтөт. Уюмдун миссиясы жана максаттары билим берүү уюмунун өнүгүүсүнүн негизги багытын аныктайт. Миссияга ылайык ар бир билим берүү мекемеси үчүн өнүгүү стратегиясы жана стратегиялык өнүгүү планы иштелип чыгат.*<br>*Билим берүү программасын өнүктүрүү стратегиясы – бул билим берүү программасын өнүктүрүүнү башкаруу боюнча чаралар системасы, ал узак мөөнөттүү артыкчылыктарга негизделет. Өнүктүрүү стратегиясы максаттарды коюуну, ал максаттарга жетүү үчүн иш-аракеттерди аныктоону жана бул иш-аракеттерди ишке ашыруу үчүн зарыл болгон ресурстарды мобилизациялоону камтыйт. Билим берүү программасынын стратегиялык өнүгүү планы программанын максаттарына жетүү үчүн бар ресурстарды кандайча пайдалануу керектигин сүрөттөйт.* |

***Жалпы баалоо:***

1.1 жана 1.2-критерийлер боюнча талдоо көрсөткөндөй, программанын миссиялык жана стратегиялык негизи университеттин институционалдык алкагы менен жалпы жонунан шайкеш. Өзүн-өзү баалоо отчёту 5–7-беттерде университеттин миссиясын, аны кызыкдар тараптарга жеткирүү каналдарын жана ББПнын өнүгүү стратегиясы университеттин максаттарына байланыштырылганын баяндайт. Университеттин расмий миссиясы «заманбап адистерди даярдоо» жана изилдөөчү-инновациялык университетке трансформация болуу катары жарыяланган; бул маалымат расмий сайтта да ырасталат.

Бирок өзүн-өзү баалоо отчёту менен тиркелген стратегиялык документтерди салыштырганда маанилүү тактоолор чыгат. Отчёт 2023–2028-жылдар сыяктуу кеңири горизонтко шилтеме берген мүнөздөгү формулировкаларды колдонсо, тиркелген өз алдынча ББП өнүктүрүү планы 2024–2026-окуу жылдарына гана түзүлгөн жана негизинен иш-чаралар менен күтүлүүчү натыйжаларды камтыйт: санариптик археология, жаңы антропологиялык дисциплиналар, эл аралык аккредитация, стационардык археологиялык-экспедициялык база, мониторинг борбору, Scopus/РИНЦ басылмалары, археологиялык чалгындоо жана казуу иштери. Бул документте иш-чаралар бар, бирок ар бир максат боюнча сандык KPI, жооптуу аткаруучу, базалык жана максаттуу маанилер системалуу берилген эмес.

Өзүн-өзү баалоо отчёту 7–9-беттерде стратегияны ишке ашыруу үчүн иш берүүчүлөр менен биргелешкен иштер, чет өлкөлүк өнөктөштөр менен мобилдүүлүк жана өлкө ичиндеги илимий институттар/музейлер менен кызматташуу көрсөтүлгөн. Университеттин 2023–2026-жылдардагы туруктуу өнүгүү моделинде болсо институционалдык деңгээлдеги көздөлгөн индикаторлор, анын ичинде эл аралык предметтик рейтингдерге кирген программалардын үлүшү 2,8% деп көрсөтүлгөн. Ошондуктан программа университеттик стратегияга мазмундук жактан шайкеш турганы менен, программалык стратегия институционалдык деңгээлдеги өлчөнүүчү индикатор логикасын толук көчүрүп алган эмес.

Эксперттик комиссия стратегия миссияга шайкеш деп баалап кетседа, бирок KPI жок экени жана ресурстук/мониторингдик бөлүктүн жетишсиз иштелгени белгилеп кетет. Демек, өзүн-өзү баалоо отчётунун 5–9-беттеринде жазылган миссиялык-шайкештик аналитикалык эскертүүлөр менен коштолуп, «толук эмес өлчөнүүчүлүк» маселесине алып келет.

***Артыкчылыктары:***

1. Программа университеттин жана институттун миссиясына мазмундук жактан шайкеш байланышкан: региондук мурас, археология, социалдык антропология жана коомдук талдоо бириктирилген
2. 2024–2026-жылдарга карата өз алдынча өнүктүрүү планы бар жана анда инновациялык курстар, экспедициялык база, басылмалар, мониторинг борбору сыяктуу багыттар алдын ала көрсөтүлгөн.
3. Стратегиялык багыттар университеттик туруктуу өнүгүү модели менен мазмундук жактан айкалышат.
4. Иш берүүчүлөр, магистрант жана окутуучулар программа иштеп чыгуу тобуна киргизилгени 5-бетте көрсөтүлгөн.
5. Эл аралык жана улуттук өнөктөштүк багыты стратегиялык документтерде жана отчётто көрүнөт.

***Сунушталган чаралар:***

1. Программалык стратегияны кайра редакциялоодо ар бир иш-чара үчүн базалык абалды, максаттуу көрсөткүчтү жана аткаруу мөөнөтүн өзүнчө матрицага түшүрүү каралышы мүмкүн.
2. Ички жана тышкы стейкхолдерлердин катышуусу менен стратегияны жыл сайын жаңыртып туруу механизми өзүнчө регламент катары иштелип чыгышы максатка ылайык.
3. Университеттик стратегиядагы индикаторлор менен ББПнын индикаторлорун байланыштырган «стратегиялык карта» форматын киргизүү каралышы мүмкүн.
4. Өнөктөштүк жана мобилдүүлүк боюнча натыйжа индикаторлорун (келишим саны, мобилдүүлүккө катышкан магистрант/ПОК саны, биргелешкен экспедициялар) өзүнчө бөлүп көрсөтүү максатка ылайыктуу.

***Аткарууга милдеттүү сунуштар:***

1. ББПнын өнүктүрүү стратегиясы үчүн өлчөнүүчү программалык KPI топтомун иштеп чыгуу.
2. 2024–2026-жылдардагы өнүктүрүү планын университеттин расмий миссиясы жана институционалдык индикаторлору менен толук шайкеш форматта кайра карап чыгуу.

3. Стратегиялык иш-чаралардын аткарылышы боюнча жылдык мониторинг жана отчёт циклын системалаштыруу.
4. Стратегиялык документте жооптуу аткаруучуларды, ресурстук булактарды жана аткаруу далилдерин так көрсөтүүнү камсыз кылуу.
5. Стейкхолдерлердин стратегияны кайра кароого катышуусун протоколдук жана электрондук далилдер менен күчөтүү.

***1-Стандарт боюнча комиссиянын чечими – ББПнын ишмердүүлүгү – Агенттиктин бул стандартына көпчүлүк деңгээлде шайкеш келет.***

## 2-СТАНДАРТ. САПАТТЫ КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ ЖАНА СИСТЕМАСЫ.

| |
|---|
| ***Стандарттын аныктамасы*** <br> *Бул стандартка ылайык, билим берүү программасы академиялык сапатты камсыздоо саясатына жана системасына карата талаптарды аныктап, анын түзүлүшү жана ишке ашырылышы боюнча сапатты кепилдөө механизмдерин камтышы керек. Сапатты кепилдөө тутумуна ылайык, билим берүү уюму сапатты тыштан камсыздоо процедураларын үзгүлтүксүз негизде өткөрүп турууну жана ББПны тынымсыз өркүндөтүүнү караштырат.* <br> *Ички кызыкдар тараптар бул саясатты тышкы стейкхолдерлерди тартуу менен тиешелүү структуралар жана процесстер аркылуу иштеп чыгышы жана ишке ашырышы керек.* <br> *Билим берүү уюму программаларды көзөмөлдөөнү жана мезгил-мезгили менен карап чыгууну ишке ашыруусу зарыл. Бул аракеттер коюлган максаттарга жетүүнү жана Магистранттар менен коомдун муктаждыктарына ылайык келүүнү камсыз кылат. Карап чыгуу жыйынтыктары программаларды үзгүлтүксүз жакшыртууга багытталган болушу керек. Ар кандай пландалган иш-аракеттер же алынган жыйынтыктар бардык кызыкдар тараптарга маалымдалышы зарыл.* <br> *Программаны ишке ашыруу процессинде академиялык эркиндик жана академиялык чынчылдык принциптери сакталышы керек. ББПнын ички кызыкдар тараптары сапатты кепилдөө үчүн биргелешкен жоопкерчиликти сезишет.* <br> *Билим берүү программасын ишке ашыруу алкагында билим берүү программасынын Окуу натыйжаларынын максаттары менен мазмунун кайра карап чыгуу жана өзгөртүүлөрдү киргизүү механизми, ошондой эле Окуу натыйжаларына жетүү жана билим берүү программасын өркүндөтүү үчүн окуу процессин мониторинг кылуу, баалоо жана оңдоо механизми аныкталышы керек.* <br> *Программаны ишке ашыруу учурунда бардык кызматкерлердин ишинин натыйжалуулугун тийиштүү баалоо камсыз кылынат жана профессордук-окутуучулар курам менен административдик персоналдын компетенттүүлүгүн жана ишмердүүлүгүн көзөмөлдөө, баалоо жана өркүндөтүү механизми иштейт.* <br> *Ички кызыкдар тараптардын канааттануу деңгээлин баалоо механизмдери ББП сапатын жакшыртууга багытталган.Определение стандарта* |
| ***Стандартка Колдонмо*** <br> *Саясат жана процесстер билим берүү уюмунун сапатты камсыздоо тутумунун негизги өзөгүн түзөт, бул үзгүлтүксүз өркүндөтүү цикли болуп саналат жана билим берүү уюмунун жоопкерчиликтүүлүгүн камсыздоого көмөктөшөт. Булардын бардыгы билим берүүнүн сапаты үчүн жоопкерчиликти бардык ички кызыкдар тараптар өзүнө алган жана окуу жайдын бардык деңгээлдеринде сапатты камсыздоо процесстерине катышкан сапат маданиятын* |

*өнүктүрүүгө колдоо көрсөтөт. Бул процессти илгерилетүү үчүн саясат расмий макамга ээ жана коомчулук үчүн жеткиликтүү.*

*Сапатты камсыздоо жаатындагы саясат билим берүү уюму иш алып барган улуттук контекстти, ошондой эле окуу жайдын ички контекстин жана анын стратегиялык жолун эске алуу менен илимий изилдөөлөр, окутуу жана үйрөтүүнүн ортосундагы байланышты чагылдырып, дагы натыйжалуу болот.*

*Билим берүү программаларын үзгүлтүксүз мониторинг кылуу, карап чыгуу жана кайра иштеп чыгуу натыйжалары программаларды үзгүлтүксүз жакшыртууга алып келиши керек.*

*Билим берүү уюму/Билим берүү программасы мыйзамдарга ылайык, белгиленген мезгилдерде сапатты тышкы камсыздоо процедураларына катышууга тийиш.*

*Билим берүү уюму/Билим берүү программасы сапатты тышкы камсыздоонун акыркы процедурасынан бери жетишилген прогрессти кийинки процедурага даярданууда эске алуу үчүн аракет кылууга тийиш.*

***Жалпы баалоо:***

2.1–2.7-критерийлер боюнча программада сапатты камсыздоо саясатынын негизги элементтери бар. Өзүн-өзү баалоо отчёту 10–18-беттерде сапат саясаты университеттик документтер менен байланышканын, мониторинг куралдары катары силлабус, өз ара сабакка катышуу, сурамжылоо, кафедра/факультет деңгээлинде талкуу жана MyEDU платформасы колдонуларын көрсөтөт. 11–12-беттерде академиялык эркиндик, антиплагиат, сурамжылоо жана коррупцияга каршы каналдар сүрөттөлгөн; 13–15-беттерде окутуунун натыйжаларына жетүүнү мониторинг кылуу, кызматкерлер үчүн KPI жана өнүгүү пландары баяндалган; 15–17-беттерде магистранттар, ПОК жана жумуш берүүчүлөр үчүн канааттанууну баалоо формалары келтирилген

Ошол эле учурда, ушул стандарт боюнча башкы көйгөй — аналитикалык толуктук менен далилдердин сапаты. Өзүн-өзү баалоо отчёту «KPI» деген терминди 14-бетте колдонот, бирок программалык деңгээлдеги конкреттүү индикаторлордун базалык жана максаттуу маанилери берилбейт. Сурамжылоолордун, арыз-сунуштардын жана канааттануу механизмдеринин сүрөттөлүшү бар, бирок аларды чечим кабыл алуу натыйжалары менен байланыштырган «мурда кандай эле — эми эмне өзгөрдү» тибиндеги аналитика жетишсиз. Эксперттик комиссия ички сапатты камсыздоо механизмдери бар экенин, бирок алардын натыйжаларын колдонуу жана кайтарым байланышты системалаштыруу алсыз болгонун белгилейт.

Маанилүү факт — бул стандарт 7 менен да түз байланышта. 17-бетте алынган маалыматтардын негизинде кафедра жана факультет деңгээлинде конкреттүү чаралар кабыл алынары жазылган, бирок ошол чаралардын ачык отчеттуулукка чыгарылган формасы 66–67-беттерде толук структуралашкан эмес. Демек, 2-стандарттагы сапат цикли формалдуу бар, бирок анын 7-стандарттагы ачык-айкын публикациясы жетиштүү терең эмес. Бул эки стандартты бир логикага келтирүү зарыл.

Сырттан текшерилген расмий булактар боюнча 530400 үчүн ачык лицензия, ГОС жана НББП пакетинин бар болушу сапат тутуму жок дегенди билдирбейт; тескерисинче, негизги ченемдик пакет коомдук талаага чыгарылган. Бирок программанын сапат кепилдиги жөнүндө бирдиктүү коомдук баракча табылбайт; ачык маалымат бир нече сайтка чачырап кеткен. Бул стандарттын аткарылышы бар, бирок процедуралык архитектурасы бирдиктүү «сапат дашборду» форматына жетпегенин билдирет.

***Артыкчылыктары:***

1. Сапат саясаты университеттик документтер менен байланыштырылган жана мониторинг циклдары сүрөттөлгөн.
2. Академиялык эркиндик жана академиялык чынчылдык боюнча механизмдер көрсөтүлгөн.
3. Магистранттар, ПОК жана жумуш берүүчүлөр үчүн канааттануу баалоо формалары көрсөтүлгөн.
4. Негизги ачык документтердин пакетинин болушу сапат системасынын институционалдык таянычын бекемдейт.

***Сунушталган чаралар:***

1. Сурамжылоонун жыйынтыктарын «көйгөй — чечим — натыйжа» логикасында коомчулукка жайылтуу каралышы мумкүн.
2. Канааттанууну баалоодо сандык индекстерди жана тренд-талдоону колдонуу максатка ылайык.
3. Окутуунун сапаты боюнча ички аудиттин жыйынтыктарын коомдук кыска отчёт форматына өткөрүү максатка ылайык.
4. Стейкхолдерлердин сунуштары кандайча окуу планына жана НББПга киргенин бирдиктүү реестрде көрсөтүү каралышы мүмкүн.

***Аткарууга милдеттүү сунуштар:***

1. Сапатты камсыздоо циклинде колдонулуучу программалык KPI, сурамжылоо индикаторлору жана чечим кабыл алуу этаптарын системалаштыруу.
2. «Сапат кепилдиги боюнча ачык паспортту» иштеп чыгуу жана анда процедуралар, жооптуулар, график жана далилдерди бириктирүү.
3. Сурамжылоолордун жана мониторингдин натыйжаларынын негизинде кабыл алынган чечимдердин аткарылышын ачык көрсөтүүнү камсыз кылуу.
4. Ички жана тышкы стейкхолдерлердин сапатты жакшыртууга катышуусун протоколдор, катышуу барактары жана электрондук далилдер менен күчөтүү.
5. Академиялык чынчылдык, антиплагиат жана канааттануу баалоо боюнча аракеттердин натыйжалуулугун жыл сайын кайра карап чыгуу.

***2-Стандарт боюнча комиссиянын чечими – ББПнын ишмердүүлүгү – Агенттиктин бул стандартына көпчүлүк деңгээлде шайкеш келет.***

## *3-СТАНДАРТ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН МАКСАТТАРЫ ЖАНА ОКУУ НАТЫЙЖАЛАРЫ.*

| |
|---|
| ***Стандарттын аныктамасы***<br>*Бул стандартка ылайык, билим берүү программасы так аныкталган жана бекитилген окуу Максаттарын жана Натыйжаларын камтышы керек, алар билим берүү программасынын стейкхолдерлеринин (керектөөчүлөрдүн/кызыкдар тараптардын) талаптарын жана суроо-талаптарын эске алып, билим берүү уюмунун миссиясына шайкеш келиши зарыл.*<br>*Окуу натыйжалары деп, билим берүү программасын аяктагандан кийин магистранттардын билимин, жөндөмдөрүн жана көндүмдөрүн колдонуу жөндөмдүүлүгүн (компетенцияларын) түшүнүүгө болот.*<br>*Окуунун натыйжалары билим берүү программасынын максаттарына, квалификациялардын улуттук алкагына жана мамлекеттик билим берүү стандарттарына шайкеш келиши жана жооп бериши зарыл.* |
| ***Стандартка Колдонмо***<br>*Окуу Максаттары жана окуу Натыйжалары билим берүү программасын өнүктүрүүнүн негизги түзүүчү бөлүктөрүнүн бири болуп саналат. Стейкхолдерлердин, айрыкча иш берүүчүлөрдүн, окуу максаттарын жана окуу Натыйжаларын түзүүгө катышуусу көз карандысыз аккредитациянын негизги талаптарынын бири болуп эсептелет. Билим берүү программасы күткөн окуу Натыйжаларына жетишилгенин жана билим берүү программасынын окуу процессинин натыйжага багытталгандыгын көрсөтүүгө тийиш.*<br>*Окуу Максаттары жана окуу Натыйжалары жогрку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарга каршы келбейт, тескерисинче, алардын өркүндөтүлүшүнө өбөлгө түзөт.*<br>*Окуу Натыйжалары аркылуу билим берүү программасы өзүнүн уникалдуулугун конкреттүү билим берүү уюмунда көрсөтө алат.* |

***Жалпы баалоо:***

Эксперттик комиссия билим берүү программасынын максаттары жана окуу натыйжалары өз ара логикалык жактан негиздүү байланышта түзүлгөн жана бири-бирин толуктап турарын белгилейт. Программанын структурасында “максат → окуу натыйжасы → компетенция” деген ырааттуу логикалык байланыш сакталган.

*Биринчи максат* (илимий-изилдөөчүлүк компетенттүүлүк) тиешелүү окуу натыйжалары аркылуу толук ачылып берилген жана магистранттардын аналитикалык жана изилдөөчүлүк жөндөмдөрүн калыптандырууга багытталган.

*Экинчи максат* (практикалык ишмердүүлүк жана маданий мурастарды сактоо) окуу натыйжаларында практикалык көндүмдөр менен камсыздалган.

*Үчүнчү максат* (педагогикалык инновация жана академиялык коммуникация) илимий натыйжаларды жайылтуу жана кесиптик коммуникация көндүмдөрү аркылуу ишке ашырылат. Ошондуктан, эксперт билим берүү программасында максаттар менен окуу натыйжаларынын ортосунда жогорку деңгээлдеги логикалык шайкештик камсыздалган деп эсептейт.

Эксперттик комиссиянын пикири боюнча, билим берүү программасы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 30-сентябрындагы №1461/1 буйругу менен бекитилген “530400 – Тарых” багыты боюнча

жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына толук ылайык иштелип чыккан. Программада мамлекеттик стандартта белгиленген инструменталдык, жалпы илимий жана кесиптик компетенциялар системалуу түрдө камтылган.Эксперт белгилейт, программада мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизги компетенциялар блогу – инструменталдык (ИК), жалпы илимий (ЖИК) жана кесиптик компетенциялар (КК) – системалуу жана логикалык ырааттуулукта камтылган. Атап айтканда:

- -инструменталдык компетенциялар санариптик технологияларды колдонуу, маалыматтарды иштетүү жана анализ жүргүзүү аркылуу (ОН1, ОН4) ишке ашырылган;
- -жалпы илимий компетенциялар тарыхый процесстерди түшүндүрүү, илимий методологияны колдонуу жана сын көз караш менен баалоо аркылуу (ОН1, ОН3) чагылдырылган;
- -кесиптик компетенциялар археологиялык жана антропологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү, маданий мурастарды сактоо жана практикалык ишмердүүлүк аркылуу (ОН2, ОН5) камсыздалган.

Эксперттик комиссия эсептейт, окуу натыйжалары мамлекеттик билим берүү стандарттары тарабынан талап кылынган компетенттүүлүккө негизделген мамилени толук ишке ашырат жана теориялык билим менен практикалык көндүмдөрдүн интеграциясын камсыз кылат.

Улуттук квалификациялар алкагынын талаптарына ылайык, магистратура деңгээли бүтүрүүчүлөрдөн төмөнкү жогорку деңгээлдеги натыйжаларды талап кылат:

-өз алдынча илимий-изилдөө жүргүзүү;

-жаңы билим жаратуу жана аны практикада колдонуу;

-татаал жана белгисиз шарттарда чечим кабыл алуу;

-аналитикалык жана сын көз караш менен ой жүгүртүү;

-кесиптик жана академиялык коммуникация жүргүзүү.

Эксперт белгилейт, аталган талаптар билим берүү программасынын окуу натыйжаларында толук чагылдырылган. Мисалы:

-өз алдынча изилдөө жүргүзүү жана илимий жыйынтыктарды сунуштоо (ОН4);

-аналитикалык корутундуларды иштеп чыгуу жана баалоо (ОН1, ОН3);

-практикалык жана прикладдык ишмердүүлүктү аткаруу (ОН2, ОН5);

-илимий коммуникация жана эксперттик деңгээлде иш алып баруу (ОН3, ОН4).

Мындан тышкары, эксперт, программа Улуттук квалификациялар алкагынын магистратура деңгээлине мүнөздүү болгон жогорку когнитивдик көндүмдөрдү – анализ, синтез жана баалоо – калыптандырууга багытталган. Бул өз кезегинде бүтүрүүчүлөрдүн илимий, мамлекеттик жана коомдук чөйрөлөрдө эксперттик деңгээлде иш алып баруусуна мүмкүндүк берет.

Программада теориялык даярдык менен практикалык көндүмдөрдүн тең салмактуулугу сакталган, бул мамлекеттик стандарттын негизги талаптарына жооп берет деген тыянакка келген.

Эксперттик комиссиянын пикири боюнча, билим берүү программасын иштеп чыгууда жана өркүндөтүүдө ички жана тышкы стейкхолдерлердин катышуусу жетиштүү деңгээлде камсыздалган.

Эксперттик комиссиянын пикири боюнча, жумуш берүүчүлөр, профессордук-окутуучулук курам, магистранттар жана бүтүрүүчүлөр менен жүргүзүлгөн интервьюлар,

сурамжылоолор, тегерек столдор жана жыйындар системалуу мүнөзгө ээ. Алардын жыйынтыктары окуу программасын өркүндөтүүдө эске алынган. Стейкхолдерлердин сунуштарынын негизинде тандоо компоненттеринин киргизилиши жана окуу планын жаңылоо билим берүү программасынын эмгек рыногунун талаптарына ылайыктыгын камсыз кылат.

Жалпысынан, эксперт стейкхолдерлердин катышуусу эффективдүү деңгээлде уюштурулган деп баалайт.

Эксперттик комиссиянын пикири боюнча, окуу натыйжалары студентке багытталган принципте түзүлүп, негизинен активдүү глаголдор аркылуу берилген. Алар магистрант программаны аяктаганда жетишкен билимдерди жана көндүмдөрдү чагылдырат деген пикирге келген.

Ошол эле учурда эксперт эсептейт, окуу натыйжаларынын мазмуну жеткиликтүү, реалдуу жана кесиптик ишмердүүлүккө багытталган.

БирокЮ эксперттик комиссиянын пикири боюнча айрым окуу натыйжалары өтө көлөмдүү жана бир нече аракеттерди камтып калганын белгилейт, бул алардын өлчөнүүчүлүгүн кыйындатат. Ушуга байланыштуу эксперт окуу натыйжаларын кыскартуу жана ар бир натыйжаны конкреттүү аракетке багыттоо максатка ылайыктуу деп эсептейт.

Жалпысынан, эксперт окуу натыйжалары жакшы деңгээлде иштелип чыккан, бирок аларды андан ары оптималдаштыруу мүмкүн деп жыйынтык чыгарат.

Эксперттик комиссиянын пикири боюнча, окуу натыйжалары Блум таксономиясынын негизги деңгээлдерин толук камтыйт жана магистратура деңгээлине ылайык жогорку когнитивдик көндүмдөргө багытталган.

Эксперттик комиссия белгилегендей, окуу натыйжаларында “талдайт”, “баалайт”, “иштеп чыгат”, “колдонот” сыяктуу активдүү глаголдор колдонулуп, аналитикалык жана изилдөөчүлүк жөндөмдөрдү өнүктүрүүгө шарт түзөт.

SMART принциптери боюнча эксперт эсептейт, окуу натыйжалары негизинен конкреттүү, жеткиликтүү жана маанилүү болуп саналат. Ошол эле учурда алардын өлчөнүүчүлүгүн жогорулатуу жана айрым учурларда убакыттык чектерин тактоо зарыл.

Жыйынтыгында, эксперт окуу натыйжалары заманбап билим берүү талаптарына жооп берет жана магистранттардын илимий потенциалын өнүктүрүүгө багытталган деп баалайт.

Эксперттик комиссиянын жыйынтыгы боюнча, 530400 “Тарых” багыты боюнча магистрдик билим берүү программасы:

-максаттар менен окуу натыйжаларынын логикалык шайкештигин камсыз кылат;

-мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана квалификациялык талаптарга толук жооп берет;

-стейкхолдерлердин талаптарын эске алуу менен иштелип чыккан;

-студентке багытталган жана практикалык мүнөзгө ээ;

-заманбап педагогикалык талаптарга, анын ичинде Блум таксономиясына жана SMART принциптерине ылайык келет.

Программа жогорку квалификациялуу, аналитикалык ой жүгүртүүгө жөндөмдүү жана эмгек рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүү адистерди даярдоого жетиштүү деңгээлде багытталган.

***Күчтүү жактары:***

1. Окуу максаттарынын жана натыйжаларынын стейкхолдерлердин (иш берүүчүлөр, бүтүрүүчүлөр, академиялык коомчулук) катышуусу менен иштелип чыгышы;
2. Окуу натыйжаларынын реалдуу кесиптик ишмердүүлүк менен байланышы (илимий изилдөөлөр, талаа экспедициялары, архивдик иштер, аналитикалык ишмердүүлүк);
3. Билим берүү процессинин практикалык жана изилдөө компоненттеринин жетиштүү деңгээлде интеграцияланышы;
4. Окуу натыйжаларына жетишүүнү баалоо системасынын болушу жана анын салыштырмалуу ачыктыгы.

***Сунушталган чаралар:***

1. Ар бир окуу натыйжасы боюнча автономдуулук, жоопкерчилик жана татаал профессионалдык милдеттерди чечүү деңгээлин так чагылдыруу;
2. «ББП максаттары – окуу натыйжалары – дисциплиналар – баалоо формалары» ортосундагы толук жана иштөөчү матрицаны иштеп чыгуу жана окуу процессине киргизүү;
3. Окуу натыйжаларына жетишүүнү баалоо инструменттерин (рубрикаторлор, индикаторлор) өркүндөтүү.

***Аткарууга милдеттүү сунуштар:***

1. Программаны үзгүлтүксүз жаңылоо жана компетенцияларды иш жүзүнө ашыруудагы практикалык көндүмдөрдү тереңдетүү сунушталат.

**Комиссиянын 3-стандарт боюнча – чечими Агенттиктин стандартына көпчүлүк деңгээлде шайкеш** келет.

## 4-СТАНДАРТ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ИШТЕП ЧЫГУУ, БЕКИТҮҮ ЖАНА АНЫН МАЗМУНУ, СТУДЕНТКЕ БАГЫТТАЛГАН ОКУТУУГА ШАРТ ТҮЗҮҮЧҮ ОКУУ ПРОЦЕССИ. МАГИСТРАНТТАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИ ЖАНА БААЛАНЫШЫ.

***Стандарттын аныктамасы***

*Бул стандартка ылайык, билим берүү уюмдары өз программаларын иштеп чыгуу жана бекитүү процедураларына ээ болушу керек. Билим берүү программалары белгиленген максаттарга ылайык иштелип чыгышы зарыл.*

*Билим берүү программасынын түзүмү жана мазмуну Окуу натыйжаларын камсыздоого тийиш. Билим берүү программасынын ичинде дисциплиналар жана алардын логикалык*

*ырааттуулугу так аныкталган, кредиттердин саны Билим берүү программасынын алкагында белгиленген дисциплиналарга туура келет.*

*Колдонулган окутуу формалары жана ыкмалары, ишке ашырылып жаткан Билим берүү программасы бардык Магистранттардын Окуу натыйжаларына жетишүүсүнө кепилдик бериши керек.*

*Программаны өздөштүрүүнүн натыйжасында алынган квалификация так аныкталып жана түшүндүрүлүп, улуттук квалификациялар түзүмүнүн белгилүү бир деңгээлине ылайык келиши керек.*

*Программа Магистранттарды окуу жараянын биргелешип түзүүгө активдүү катышууга шыктандырышы зарыл, ал эми Магистранттар дин жетишкендиктерин баалоо ушул ыкманы чагылдырышы керек.*

*Билим берүү уюму / Билим берүү программасы магистранттын "өмүр циклинин" бардык этаптарын – атап айтканда, кабыл алуу, академиялык ийгилик, бүтүрүү жана таанылуусун – камтыган алдын ала аныкталган жана жарыяланган эрежелерди бирдей колдонушу зарыл.*

*Билим берүү программасында колдонулган ыкмалар дисциплиналардын/модулдардын/программалардын Окуу натыйжаларын ачык, объективдүү жана адекваттуу баалоону камсыз кылууга тийиш.*

*Билим берүү программасы инновациялык практикаларды киргизүүнү, практика уюштурууну, Магистранттардын өз алдынча иштерин, Магистранттардын илимий-изилдөө иштерин жана башка Окуу натыйжаларына жетишүүнү камсыз кылуучу иш-чараларды камтыйт.*

*Магистранттарга аналитикалык жана сынчыл ой жүгүртүү принциптерин үйрөтүү каралган.*

*Магистранттардын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ийкемдүү окуу траекторияларын ишке ашырууга мүмкүнчүлүк түзгөн жагымдуу билим берүү чөйрөсү түзүлүшү керек.*

*Магистранттар менен окутуучулардын ортосундагы өз ара аракеттенүү магистрдининсандыгына урмат-сый көрсөтүүнү камсыздайт.*

*Билим берүү программасы Магистранттардын Окуу натыйжаларына толук жетишүүсүн камсыз кылуу үчүн маалыматтык-билим берүү, илимий-изилдөө жана окуу-усулдук ресурстар (усулдук колдонмолор, китептер, электрондук ресурстар, кошумча адабияттар) менен камсыз болушу керек.*

*Академиялык мобилдүүлүк маанилүү фактор болуп саналат, ал Магистранттардын окуу планынын бир катар дисциплиналарын башка өлкөлөрдүн же өлкөнүн Билим берүү уюмдарында окуп-үйрөнүүсүн, практикаларды жана стажировкаларды өтүүсүн карайт.*

*Билим берүү программасы башка университеттер жана илимий мекемелер менен өнөктөштүктү өнүктүрүп, Магистранттарга башка университеттердин ресурстарына жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.*

***Стандартка Колдонмо***

*Билим берүү программалары билим берүү уюмдарынын билим берүү миссиясынын өзөгүн түзөт. Алар Магистранттарга академиялык билимдерди жана маанилүү көндүмдөрдү, анын ичинде алардын инсандык өнүгүүсүнө таасир эте турган жана келечектеги карьерасында колдонсо болот.*

*Студентке багытталган окутуу жана окутуу мотивацияны, өз алдынча ой жүгүртүүнү жана Магистранттардын окуу процессине катышуусун өнүктүрүүдө маанилүү роль ойнойт. Бул процесс окуу планын иштеп чыгууга жана тапшырууга, ошондой эле окуунун натыйжаларын баалоого тең салмактуу мамилени талап кылат.*

*Магистранттарга академиялык карьерасын өнүктүрүү үчүн зарыл болгон шарттарды жана колдоону камсыз кылуу жеке Магистранттар дин, программалардын, мекемелердин жана системалардын эң жакшы кызыкчылыктарын эске алуу менен жасалышы керек.*

*Магистрантты кабыл алуу, таануу жана аяктоо жол-жоболору белгиленген максаттарга жооп бериши абдан маанилүү, айрыкча Магистранттардын өлкө ичинде жана эл аралык деңгээлде мобилдүүлүгүнүн чөйрөсүндө.*

*Кирүү саясаттары, процесстери жана Магистранттарды кабыл алуу критерийлери бирдиктүү жана ачык-айкын түрдө ишке ашырылышы маанилүү. Жогорку окуу жайына кабыл алынгандан кийин Магистранттар ге университетке жана билим берүү программасына ылайыкташуу мүмкүнчүлүгүн берүү керек.*

*Мекемелер Магистранттардын жетишкендиктери боюнча маалыматты чогултуу, көзөмөлдөө жана көзөмөлдөө процесстерин жана инструменттерин ишке ашыруусу керек.*

*Жогорку билим берүүнүн квалификациясын, окуу мөөнөттөрүн жана мурунку билимин объективдүү таануу, анын ичинде формалдуу эмес жана формалдуу эмес окутууну таануу Магистранттардын окуу процессинде прогрессти камсыз кылуунун жана ошол эле учурда мобилдүүлүккө көмөктөшүүнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

*Бүтүрүү магистранттын билим алуу мезгилинин туу чокусун билдирет. Магистранттар жетишилген квалификацияны түшүндүргөн тиешелүү документтерди, анын ичинде жетишилген окуу натыйжаларын, алынган билимдин контекстти, деңгээлин, мазмунун жана статусун, ошондой эле ийгиликтүү аяктагандыгынын далилдерин алышы керек.*

***Жалпы баалоо:***

Эксперттик комиссиянын пикири боюнча 530400 “Тарых” багыты боюнча билим берүү программасы Ош мамлекеттик университетинин миссиясына, өнүгүү стратегиясына жана Тарых-юридика институтунун стратегиялык максаттарына толук шайкеш иштелип чыккан.

Программа университеттин билим берүү, илимий-изилдөө жана тарбиялык миссияларын ишке ашырууга багытталган жана заманбап эмгек рыногунун талаптарын эске алат.

Эксперттик комиссиянын баалоосу боюнча, программада стратегиялык шайкештик төмөнкү элементтер аркылуу камсыздалган:

-билим берүү процессинин санариптик трансформациясы (MYEDU платформасы);

-окутуунун гибриддик формалары (күндүзгү + дистанттык технологиялар);

-окуу-методикалык комплекстердин системалуу электрондук жайгаштырылышы;

-окуу натыйжаларынын (ОН) ачык көрсөтүлүшү жана баалоо механизмдери.

Эксперт эсептейт, MYEDU платформасы аркылуу окуу материалдарын башкаруу билим берүүнүн санариптик инфраструктурасын өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт жана программаны заманбап билим берүү тенденцияларына ылайыкташтырат.

Жалпысынан, программа университеттин стратегиялык артыкчылыктарын ишке ашыруучу эффективдүү инструмент катары бааланат.

Эксперттик комиссия белгилейт, билим берүү программасында дисциплиналардын структурасы так аныкталып, кредиттик система талаптарына толук шайкеш келет (120 кредит).

Окуу планы үч негизги блокко бөлүнүп, ар бир блок окуу натыйжалары менен байланышта түзүлгөн:

-А блок – базалык теориялык дисциплиналар

-В блок – адистештирилген жана методологиялык дисциплиналар

-С блок – тандоо жана практикалык дисциплиналар

Эксперттин талдоосунда ОН жана дисциплиналардын шайкештигин камсыздоого чон конул бурулат.Анткени, 530400 "Тарых" багыты (археология жана социалдык антропология профили) боюнча билим берүү программасында окуу натыйжалары (ОН) менен дисциплиналардын ортосундагы шайкештик компетенттүүлүккө негизделген матрица аркылуу системалуу түрдө камсыздалган.

Ар бир окуу натыйжасы үч деңгээлдеги дисциплиналардын интеграциясы аркылуу калыптанат. Аларды тескөөгө алсак, анда:

-А блок – фундаменталдык жана теориялык даярдык;

-В блок – адистештирилген жана методологиялык даярдык;

-С блок – практикалык жана колдонмо даярдык.

Эксперттин баалоосу боюнча, бул структура ОНдордун логикалык жана этаптуу калыптанышына шарт түзөт.

*ОН1 – археологиялык жана тарыхый булактарды талдоо компетенциясы төмөнкү дисциплиналар аркылуу камсыздалат:*

-А блок: "Борбордук Азиянын таш доору", "Тарыхнаама жана археологиянын азыркы проблемалары"

-В блок: "Кыргызстанда этнографиялык илимдин калыптанышы жана өнүгүшү"

-С блок: "Алгачкы коомдогу маданият жана искусство"

Эксперт бул анализдин негизинде, бул дисциплиналар ОН1де каралган аналитикалык жана тарыхый түшүнүктү калыптандырууга толук шайкеш келет.

*ОН2 – археологиялык регионалдык анализ жана картага түшүрүү компетенциясы төмөнкү дисциплиналар аркылуу камсыздалат:*

-А блок: "Борбордук Азиянын коло жана эрте темир доору", "Борбордук Азиядагы орто кылымдардын археологиясы"

-В блок: "Социалдык антропологиянын негиздери"

-С блок: "Карта түзүүнүн негиздери"

Эксперттин пикиринде, бул дисциплиналар регионалдык археологиялык анализ жана мейкиндиктик ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө багытталган.

*ОН3 – изилдөө ишмердүүлүгү жана методологиялык компетенция:*

-А блок: "Изилдөө иштерин уюштуруунун укуктук негиздери жана усулдары"

-В блок: "Кыргызстандагы демографиялык процесстер", "Археологиядагы талаа изилдөө методдору"

-С блок: "Кесиптик ишмердүүлүктөгү англис тили"

Бул структура изилдөө жүргүзүү, талаа иштери жана академиялык коммуникация компетенцияларын калыптандырат.

*ОН4 – маалыматтарды иштетүү жана санариптик компетенция:*

-А блок: "Этнографиядагы талаа изилдөө методдору", "Кыргызстандын тарыхы: археологиялык жана антропологиялык аспектилер"

-В блок: "Илимдин философиясы жана методологиясы"

-С блок: "Сапаттык жана сандык маалыматтарды компьютердик иштетүү", "Археологиялык жана этнографиялык коллекцияларды иштетүү ыкмалары", "Археология жана этнографиядагы маалыматтык технологиялар"

Эксперттин пикиринде, бул ОН санариптик гуманитардык илимдерге өтүүнү толук камсыздайт.

*ОН5 – илимий-изилдөө жана мурас менеджменти:*

-А блок:“Илимий-изилдөө иштери”

-В блок:“Тарыхый изилдөөлөрдөгү дисциплиналар аралык мамилелер”, “Борбордук Азия элдеринин этнографиясы”

-С блок: “Маданий мурастарды сактоо проблемалары”, “Тарыхый жана маданий мурастарды башкаруу”

Эксперттик комиссия бул ОН илимий изилдөө жана мурас менеджменти компетенцияларын интеграциялайт деген оюн чагылдырат.

Эксперттик комиссиянын жалпы баалоосу боюнча, окуу натыйжалары менен дисциплиналардын ортосундагы шайкештик: логикалык негизде түзүлгөн жана компетенттүүлүк моделине шайкеш келип, этаптуу калыптандырууга багытталган, жалпысынан теория + практика + методология интеграцияланган

Берилген матрица дисциплиналардын ОНдорду калыптандыруудагы ролун ачык көрсөтүп, билим берүү программасынын ички логикасын толук далилдейт.

Дисциплиналардын логикалык ырааттуулугу хронологиялык жана компетенттүүлүк принцибине негизделген. Ар бир кийинки дисциплина мурда калыптанган билимдерге таянуу менен өздөштүрүлөт.

Мисалы:

-ОН1 үчүн археологиянын негизги доорлорун изилдөө дисциплиналары логикалык баштапкы база түзөт;

-ОН2 жана ОН3 үчүн талаа изилдөө, социалдык антропология жана маалыматтык технологиялар дисциплиналары колдонулат;

-ОН4 жана ОН5 үчүн илимий изилдөө, методология жана мурас менеджменти дисциплиналар аркылуу компетенциялар өнүктүрүлөт.

Эксперттик комиссия эсептейт, пререквизит жана постреквизит системасы окуу планында так көрсөтүлгөн жана дисциплиналардын кайталануусун алдын алат.

Эксперттик комиссия белгилейт, билим берүү программасында заманбап *инновациялык элементтер* жетиштүү деңгээлде камтылган. Айрыкча төмөнкү багыттар боюнча прогрессивдүү мамиле колдонулган:

-санариптик компетенцияларды өнүктүрүү (сандык жана сапаттык маалыматтарды компьютердик иштетүү);

-маалыматтык технологияларды археология жана этнографияда колдонуу;

-мультимедиалык жана электрондук билим берүү платформалары (MYEDU);

-дисциплиналар аралык интеграция (тарых + антропология + IT + менеджмент);

-талаа изилдөөлөрүн заманбап методдор менен жүргүзүү.

Эксперттик комиссиянын пикири боюнча, программада инновациялык мамиле реалдуу мазмунга ээ жана формалдуу эмес, практикалык колдонууга багытталган.

Эксперттик комиссиянын пикири боюнч программада дисциплиналар аралык байланыш жогорку деңгээлде камсыздалган. Тарых, археология, этнология, маалыматтык технологиялар жана менеджмент дисциплиналары бирдиктүү компетенттүүлүк моделинин негизинде интеграцияланган деген пикирге келген.

Бул интеграция студенттерге:

-комплексдүү аналитикалык ой жүгүртүү

-дисциплиналар аралык изилдөө жүргүзүү

-практикалык маселелерди көп тараптуу чечүү мүмкүнчүлүгүн түзөт.

Бардык 23 дисциплина боюнча окутуучулар окуу максаттарын, баалоо процессинин карталарын, кредиттик жүктөмдөрдү жана колдонулган илимий адабияттардын көлөмүн так көрсөтүшөт. Бул билим берүү программасынын ачыктыгын жана пландуулугун камсыз кылат.

Эксперттик комиссиянын пикири боюнч программада студенттердин жетишкендиктери теория менен практиканын интеграциясы аркылуу калыптанат жана реалдуу окуу ишмердүүлүгү менен тастыкталат. Өзүн-өзү баалоо отчетунун мазмунун талдоо көрсөткөн мисалдарга таянсак, анда: · Проблемалык окутуу: · Кейс-стади: · Долбоордук иштер: · Дебаттар жана Сократтык маек:· Тереңдетилген рефлексия: · Көйгөйдү чечүү стратегиясы: · Талкуулардагы активдүүлүк: Студенттин суроо берүү маданиятынын өсүшү (фактыны суроодон — себеп-натыйжа байланышын суроого өтүү). Ал эми, жетишкендиктерине белгилей кетсек, аларга:

-*Академиялык иштер:* Студенттер “Тарыхнаама жана археологиянын азыркы проблемалары” дисциплинасынын алкагында эссе жана реферат жазуу аркылуу археологиялык булактарды сынчыл талдоону жүргүзүшөт.

-*Илимий ишмердүүлүк:* “Илимий-изилдөө иштери” дисциплинасы боюнча магистранттар илимий семинарларга катышып, өз изилдөөлөрүнүн жыйынтыгын презентация түрүндө коргоп беришет.

-*Долбоордук мисал:* “Карта түзүүнүн негиздери” дисциплинасы боюнча студенттер “археологиялык картаны түзүү” же “этнографиялык изилдөө программасын иштеп чыгуу” сыяктуу практикалык долбоорлорду аткарышат.

-*Практикалык мисал:* “Археологиядагы талаа изилдөө методдору” дисциплинасынын негизинде студенттер талаа күндөлүгүн жүргүзүп, казуу иштеринде табылган артефакттарды фиксация кылышат.

Эксперттин баалоосу боюнча, бул мисалдар студенттин реалдуу изилдөө компетенциясын калыптандырууга багытталган.

Эксперттик комиссиянын пикири боюнч программада студентке багытталган окутуу реалдуу механизмдер аркылуу ишке ашырылган деп эсептейт. Өзүн-өзү баалоо отчетунун бул механизмдерге:

-*Ийкемдүү окуу траекториясы:* Магистранттар ТК (тандоо курстары) аркылуу өз кызыгуусуна жараша дисциплиналарды тандай алышат. Мисалы: “Маданий мурастарды башкаруу”, «Борбордук Азия элдеринин этнографиясы”

-*MYEDU платформасы:* Бардык силлабустар, лекциялар жана тапшырмалар https://myedu.oshsu.kg системасында жайгаштырылып, студенттер каалаган убакта жеткиликтүү окуй алышат.

-*Жеке окуу планы:* Иштеген магистранттар үчүн e-mail жана дистанттык формат аркылуу жеке график түзүлөт.

-*Тескери класс ыкмасы (отчеттон мисал):* “Борбордук Азиянын коло жана эрте темир доору” темасында студенттер видеолекцияны үйдөн көрүп келип, сабакта артефакттарды топтук анализ кылышат.

Өзүн-өзү баалоо отчетунун мазмунун талдоо көрсөткөндөй бул ыкмалар студентти пассивдүү эмес, активдүү изилдөөчүгө айландырат.

Эксперттик комиссиянын пикири боюнч Өзүн-өзү баалоо отчетунун мазмунун талдоонун алкагында баалоо системасы көп деңгээлдүү жана практикага багытталган. лекциялык методдун эффективдүүлүгү – проблемалык лекцияга, лекция-диалогго

негизделген аныктаган. https://myedu.oshsu.kg/ Окуу натыйжаларына жетишүү үчүн төмөнкү механизмдер колдонулат: MYEDU системасы (СРМ, лекциялар, практикалык сабактар), ошондой эле электрондук почта (e-mail) аркылуу окутуу. Кабинеттик сабактарга катышууга мүмкүнчүлүк болбогон учурда магистр илимий жетекчиси менен үзгүлтүксүз байланышта болуп, окуу процесси токтобой уланат. Пландуу сабактарга катыша албай жаткан, башка окуу жайларында иштеген магистранттар үчүн дистанттык окутуу ыкмалары колдонулат студентке багытталган окутууну (MYEDU, ТК, жеке план, VR/AR, кейс-стади) системалуу ишке ашырат. Баалоо системасын көп деңгээлде (курстук, модулдук, программа) уюштурган. Магистранттын жеке графиктери боюнча өз алдынча иштөөгө жана дистанттык окутуу усулдарына (e-mail, MyEDU) көп көңүл бурулат. Магистранттардын абалына жараша аларга жеке окутуунун формалары сунушталат. Алар иштеген ишине байланыштуу бош убактыларында жеке план менен темаларды аткаруу үчүн график түзүшөт, аны аткарышат жана илимий жетекчи тарабынан көзөмөлдөнөт.

Эксперттик комиссиянын пикири боюнча, программа студенттердин академиялык, илимий жана практикалык жетишкендиктерин системалуу түрдө калыптандырат. Бул жетишкендиктер окуу процессинин реалдуу ишмердүүлүк менен байланышы аркылуу камсыздалат.

Өзүн-өзү баалоо отчетунунда көрсөтүлгөндөй:

-*Академиялык жетишкендиктер:* магистранттар “Илимий семинарлар” аркылуу өз изилдөөлөрүн презентациялап, талкуулашат. Бул алардын аналитикалык жана академиялык жазуу көндүмдөрүн өнүктүрөт.

-*Илимий жетишкендиктер:* Магистранттар окутуучулар менен биргеликте *Scopus жана РИНЦ журналдарына макала даярдоого катышат,* бул академиялык жазуу жана илимий этика көндүмдөрүн калыптандырат.

-*Долбоордук ишмердүүлүк:* “Карта түзүүнүн негиздери” дисциплинасы аркылуу студенттер археологиялык карталарды түзүүнү, этнографиялык изилдөө долбоорлорун иштеп чыгуу иштерин аткарышат.

-*Практикалык жетишкендиктер:* Археологиялык казуу иштеринде магистранттар белгилүү секторлорго жооп берип, стратиграфияны изилдөө, табылгаларды фиксациялоо, талаа күндөлүгүн жүргүзүү иштерин өз алдынча аткарышат. Бул жалпысынан, студенттердин жетишкендиктери “окуу аркылуу изилдөө” моделине негизделген.

♦ *Студентке багытталган ыкманын сапаты (курстарды тандоо, окуу жолдорунун ийкемдүүлүгү ж.б.);*

Программа студентке багытталган окутууну жогорку деңгээлде ишке ашырат.

-*Илимий-изилдөө иштерине активдүү катышуу: Студенттер ППСтин илимий долбоорлорунда толук кандуу катышуучу болуп эсептелет (жөн гана байкоочу эмес).*

-*Индивидуалдык окуу планы:* Ар бир магистрант өзүнүн жеке илимий багытына ылайык окуу траекториясын түзөт.

-*Илимий жетекчини тандоо эркиндиги:* Студент өз изилдөө темасына ылайык адис окутуучуну тандай алат.

-*Методологиялык эркиндик:* Студенттер төмөнкү ыкмаларды колдонууга укуктуу: радиокөмүртектүү анализ, ДНК анализ, GIS картография, этнографиялык интервью

-*Тескери класс жана талаа негизиндеги окутуу:* Студент теорияны алдын ала үйдөн үйрөнүп, сабакта практикалык анализ жүргүзөт. Бул эксперттин пикири боюнча

магистранттарды пассивдүү эмес, *изилдөөчү жана аналитикалык субъект катары* калыптандырат.

-*MYEDU платформасы* (https://myedu.oshsu.kg) аркылуу академиялык ийгилик автоматтык түрдө көзөмөлдөнөт.

Эксперттик комиссиянын пикири боюнча Өзүн-өзү баалоо отчетунун мазмунун талдоонун негизинде илим берүү программасынын алкагында магистранттардын илимий-изилдөө иштерине катышуусу системалуу түрдө уюштурулуп, реалдуу натыйжалар менен тастыкталат Изилдөө иши биринчи семестрден баштап магистранттын илимий кызыкчылыгына жана актуалдуу илимий көйгөйлөргө жараша аныкталат. Программада долбоордук жана практикалык ишмердүүлүк өзгөчө орунду ээлейт. Мисалы, “Карта түзүүнүн негиздери” дисциплинасынын алкагында магистранттар археологиялык карталарды түзүү жана этнографиялык изилдөө долбоорлорун иштеп чыгуу иштерин аткарышат. Ал эми “Археологиядагы талаа изилдөө методдору” дисциплинасы студенттерге казуу иштеринде белгилүү секторлорго жооп берүү, стратиграфияны талдоо, табылгаларды фиксациялоо жана талаа күндөлүгүн жүргүзүү сыяктуу практикалык көндүмдөрдү калыптандырууга мүмкүндүк берет.

Отчеттук маалыматтарга ылайык, илимий ишмердүүлүккө катышкан магистранттардын саны 7 адамды түзөт. Бул көрсөткүч ББПнын илимий-изилдөө компоненттеринин иш жүзүндө иштеп жаткандыгын жана магистранттардын илимге тартылышы жетиштүү деңгээлде уюштурулгандыгын көрсөтөт.

Магистранттардын илимий басылмаларынын саны да 7ге жетип, бул алардын илимий жазуу, талдоо жана жыйынтык чыгаруу компетенцияларынын калыптанып жатканын күбөлөйт. Бул көрсөткүч программанын изилдөөгө багытталгандыгын жана магистранттардын академиялык жазуу маданиятына тартылып жаткандыгын тастыктайт.

Илимий конференцияларга катышуу көрсөткүчтөрү боюнча 1 ЖОЖдор аралык конференцияда катышуу жана 1 магистранттын түздөн-түз илимий доклад менен чыгышы катталган. Бул магистранттардын илимий коомчулукка интеграциясы баштапкы деңгээлде болсо да, реалдуу практикалык кадамдар жасалып жатканын көрсөтөт.

Илимий конкурстарга жана олимпиадаларга катышуу же байгелүү орундар боюнча көрсөткүчтөр азырынча катталган эмес. Бул багытта магистранттардын академиялык мобилдүүлүгүн жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу зарылдыгы бар экендигин көрсөтөт.

Студенттик илимий кружоктор жана секциялар боюнча расмий түзүмдөр азырынча көрсөтүлгөн эмес, бул илимий чөйрөнү институционалдаштыруу жана туруктуу илимий платформа түзүү багытында кошумча иш алып барууну талап кылат.

Магистранттар менен окутуучулардын биргелешкен илимий ишмердүүлүгү 2 учур менен тастыкталат. Бул академиялык кызматташтыктын бар экенин жана “окутуучу–магистрант” модели иштеп жатканын көрсөтөт. Бирок бул көрсөткүчтү кеңейтүү жана системалуу түргө келтирүү зарыл.

Ошондой эле, эксперт белгилегендей студенттер изилдөө иштерин өнүктүрүү ППС жүргүзгөн археологиялык казуу иштерине катышат**;** секторлор боюнча талаа жоопкерчилиги берилет; Scopus жана РИНЦ деңгээлиндеги публикацияларга авторлош катышуу бар; археологиялык эстеликтерди паспорттоштуруу иштери жүргүзүлөт.

Эксперттик комиссиянын пикиринде, билим берүү программасында магистранттардын илимий-изилдөө ишмердүүлүгү ишке ашырылып жатканын

көрсөткүчтөр тастыктайт. Ошол эле учурда илимий кружокторду өнүктүрүү, конкурстарга катышууну активдештирүү жана конференциялык активдүүлүктү жогорулатуу программаны андан ары өркүндөтүү үчүн маанилүү багыттар болуп саналат. Мисалы, конференцияларга катышуу; биргелешкен макалалар ; илимий долбоорлор; талаа экспедициялары ж.б.

Эксперттик комиссиянын пикири боюнча, программада изилдөө ишмердүүлүгү системалуу, этаптуу жана дисциплиналар аралык негизде уюштурулган.

Өзүн-өзү баалоо отчетунун мазмунунда 530400 «Тарых» багыты (археология жана социалдык антропология профили) боюнча магистратура программасында академиялык мобилдүүлүк эл аралык жана улуттук деңгээлде өнүгүүдө. Программа магистранттарга башка ЖОЖдордо жана илимий мекемелерде окуу, стажировка өтүү жана талаа практикаларын аткаруу мүмкүнчүлүгүн түзөт.

Практикалык мисал катары 2024–2025 окуу жылында магистрант Жоробеков Азат Францияда өткөн эл аралык археологиялык мастер-класска катышып, КазНУ жана CNRS сыяктуу илимий борборлордун базасында талаа казуу иштерине жана лабораториялык изилдөөлөргө катышкан. Бул факт магистранттардын эл аралык академиялык чөйрөгө реалдуу интеграцияланып жатканын тастыктайт.

Ошондой эле Батыш Чех Университети менен болгон келишимдин негизинде археологиялык талаа практикасы уюштурулуп, анын жыйынтыгында илимий макала даярдалган. Бул академиялык мобилдүүлүк окуу процессинин практикалык жана илимий натыйжа менен аяктаганын көрсөтөт.

Ошол эле учурда магистрдик диссертациялардын тематикасы да өнөктөш уюмдардын илимий багыттары жана кафедранын актуалдуу изилдөөлөрү менен шайкеш түзүлгөн. Бул академиялык мобилдүүлүктүн мазмундук бөлүгү менен түз байланышта экенин көрсөтөт.

Эксперттин пикирине ылайык, магистранттардын мобилдүүлүккө катышуусу азырынча чектелүү экендиги белгиленет. Катышуучу студенттердин саны аз болгондуктан, бул багытты кеңейтүү жана системалуу мобилдүүлүк программаларын күчөтүү зарыл.

Билим берүү программасы улуттук жана эл аралык деңгээлдеги көптөгөн өнөктөш уюмдар менен кызматташтык мамилелерди түзгөн. Аларга Улуттук илимдер академиясы, АУЦА, Батыш Чех Университети (Чехия), IFEAC (Франция), Сулайман-Тоо археологиялык музей комплекси, ошондой эле Андижан мамлекеттик университети, Наманган мамлекеттик университети жана Самарканд улуттук университети кирет.

Бул өнөктөштүк мамилелер төмөнкү багыттарда ишке ашырылууда:

-конок лекцияларды уюштуруу;

-археологиялык талаа практикаларын өткөрүү;

-биргелешкен илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү;

-эл аралык мастер-класстарга катышуу.

Мисалы, Франциянын Жонзак шаарында өткөн Борбордук Азия жаш археологдорунун эл аралык мастер-классы Казакстан–Франция илимий борбору жана CNRS колдоосу менен уюштурулуп, программа студенттердин илимий тажрыйбасын кеңейтүүгө өбөлгө түзгөн.

Ошондой эле Батыш Чех Университети менен кызматташуу алкагында талаа практикасы уюштурулуп, анын жыйынтыгында илимий макала даярдалган. Бул

өнөктөштүк академиялык жана илимий натыйжага багытталган ишмердүүлүк экенин көрсөтөт.

Жалпы алганда, өнөктөштүк уюмдар менен кызматташтык деңгээли жалпысынан туруктуу өнүгүүдө. Айрыкча археологиялык музейлер, эл аралык университеттер жана илимий институттар менен байланыштар ББПнын практикага багытталган мүнөзүн күчөтөт бирок аны кеңейтүү жана студенттердин катышуусун көбөйтүү зарыл.

Эксперттик талдоо жокко эсе, анткени, 530400 тарых багыты археология жана социалдык антропология профили программасы 2024-жылы жаңы ачылгандыктан бүтүрүүчүлөр жок.

***Күчтүү жактары:***

1. ББПнын миссия жана стратегия менен шайкеш иштелип чыгышы;
2. Окуу планынын логикалык түзүлүшү жана дисциплиналардын ырааттуулугу;
3. Окуу-методикалык материалдардын (силлабус, УМК) электрондук жеткиликтүүлүгү;
4. Студентке багытталган окутуу ыкмаларынын (кейс, долбоор, дебат, VR/AR) колдонулушу;
5. Илимий-изилдөө иштеринин, талаа практикаларынын жана музейдик ишмердүүлүктүн интеграцияланышы;
6. Академиялык эркиндиктин камсыз болушу (теманы, жетекчини, методологияны тандоо);
7. Баалоо жана мониторинг жүргүзүүнүн санариптик системасынын болушу (MYEDU);
8. Эл аралык жана улуттук кызматташтык байланыштарынын болушу.

***Сунушталган чаралар:***

1. Академиялык мобилдүүлүк мүмкүнчүлүктөрү жетиштүү деңгээлде пайдаланылбай жатат;
2. Билим берүү программасын эмгек рыногунун өзгөрүп жаткан талаптарына жана эл аралык билим берүү стандарттарына ылайык үзгүлтүксүз жаңылоо, ошондой эле чет өлкөлүк өнөктөштөр менен академиялык кызматташууну кеңейтүү;
3. Санариптик билим берүү чөйрөсүн андан ары өнүктүрүү жана интерактивдүү окутуу ыкмаларын кеңири колдонуу аркылуу магистранттардын өз алдынча билим алуу жана изилдөө компетенцияларын күчөтүү зарыл;
4. Ош мамлекеттик университети билим берүү программасында маалыматтарды чогултуу жана баалоо системасын өркүндөтүү үчүн санариптик аналитиканы тереңдетүү, иш берүүчүлөрдүн пикирлерин системалуу интеграциялоо жана портфолиону стандартташтыруу сунушталат;
5. Чет элдик университеттер менен кошо кош дипломдуу программаларды киргизүүнүн мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу;
6. Археология -антропология адистигине болгон эмгек рыногундагы чектелүүгүн аныктоо учун суроо-талаптарды талдап чыгуу зарыл;
7. Талаа практикаларынын тышкы факторлорго көз карандылыгы.

***Аткарууга милдеттүү сунуштар:***

1. Билим алып жаткан магистранттарды археологиялык жана этнографиялык экспедицияларга активдүү тартуу жана бул багыттагы ишмердүүлүктү бекемдөө үчүн археологиялык лабораторияны ачуу зарыл. Анткени, магистранттардын келечектеги кесипкөй, компетентүү адис катары эмгек рыногунун талаптарына толук кандуу жооп бериши үчүн негиз болот. Ошондой эле, бул лабораториянын ачылышы эл аралык денгээлдеги археологиялык артефактарды талдоого мүмкүнчүлүк берет.

**Комиссиянын 4-стандарт боюнча чечими: Билим берүү программасынын ишмердүүлүгү 4 стандарттын талаптарына көпчүлүк деңгээлде шайкеш келет.**

## *5-СТАНДАРТ. ПРОФЕССОРДУК-ОКУТУУЧУЛАР КУРАМЫ.*

| ***Стандарттын аныктамасы*** |
| --- |
| ***Бул стандартка ылайык, Билим берүү программасынын алкагында окутуучуларынын компетенттүүлүгүнө ишеним болушу керек. Билим берүү программасы кызматкерлерин жумушка алуу жана алардын кесиптик өсүшүн өнүктүрүүдө адилеттүү жана ачык-айкын процесстерди колдонушу зарыл.***<br>***Профессордук-окутуучулук курамы (ПОК) билим берүү программасы камтыган бардык билим тармактары боюнча адистер менен камсыздалууга тийиш.***<br>***ПОК тиешелүү негизги билимге ээ болуп, квалификациясын системалуу түрдө жогорулатууга, кошумча билим алууга, стажировкалардан өтүүгө жана башка ушул сыяктуу иш-чараларга катышууга тийиш.***<br>***Маанилүү факторлордун бири – ПОКтун тиешелүү тармакта иш тажрыйбасынын болушу жана илимий-изилдөө долбоорлорун ишке ашыруу.***<br>***ПОК билим берүү программасын жалпы жакшыртууга жана анын айрым дисциплиналарын өркүндөтүүгө жигердүү катышууга тийиш.***<br>***Маанилүү факторлордун бири – окутуучулардын кесиптик коомдорго мүчө болуусу, стипендиялар жана гранттарды алуусу.***<br>***Окутуучулар илимий-изилдөө, долбоордук жана илимий-методикалык иштерди активдүү аткарышы керек, бул илимий-изилдөө жана илимий-методикалык иштер боюнча отчеттор, илимий конференцияларга катышуу жана илимий басылмалардын болушу менен тастыкталышы зарыл.***<br>***Ар бир окутуучу өзүнүн дисциплинасынын окуу планындагы ордун, анын мурунку жана кийинки дисциплиналар менен болгон байланышын билүүгө жана түшүндүрүүгө жөндөмдүү болушу керек. Ошондой эле, ал дисциплинанын адисти калыптандыруудагы окуу натыйжаларын камсыздоодогу ролун так түшүнүшү зарыл.***<br>***Билим берүү программасынын алкагында ПОК үчүн чыгармачылык, инсандык жана кесиптик өнүгүү үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөн.*** |
| ***Стандартка Колдонмо*** |

*Окутуучунун ролу жогорку сапаттагы билим берүүнүн жана Магистранттардын билимдерди, компетенцияларды жана көндүмдөрдү өздөштүрүүсүнүн негизги фактору болуп саналат. Магистранттардын ар түрдүүлүгү жана окуу натыйжаларына болгон жогорулатылган көңүл магистрке багытталган окутууну жана окутуунун жаңы ыкмаларын талап кылат, мында окутуучунун ролу да өзгөрөт.*

*Жогорку окуу жайлары өз кызматкерлеринин кесипкөйлүгү жана алардын натыйжалуу иштеши үчүн жагымдуу шарттарды түзүү боюнча негизги жоопкерчиликти өзүнө алышы керек. Мындай чөйрө:*

- *кызматкерлерди жумушка алуунун түшүнүктүү, ачык жана адилеттүү процессин белгилейт жана окутуучулук ишмердүүлүктүн маанилүүлүгүн тааныган иш шарттарын камсыз кылат;*
- *профессордук-окутуучулук курамдын кесиптик өнүгүүсүнө мүмкүнчүлүктөр түзүп, аны колдойт;*
- *билим берүү менен илимий-изилдөө иштеринин байланышын чыңдоо үчүн илимий ишмердүүлүктү колдойт;*
- *окутуу ыкмаларына инновацияларды киргизүүгө жана жаңы технологияларды колдонууга көмөктөшөт.*

***Жалпы баалоо:***

530400 «Тарых» багыты (археология жана социалдык антропология профили) боюнча магистратура программасын ишке ашырууда профессордук-окутуучулук курамдын жалпы саны 15 адамды түзөт. Алардын ичинен 12си штаттык окутуучулар, 3ү айкалыштырып иштеген адистер болуп эсептелет. Бул көрсөткүч билим берүү программасынын кадрдык камсыздалышы туруктуу экенин көрсөтөт.

Илимий даражага ээ окутуучулардын үлүшү жогорку деңгээлде болуп, жалпы 15 окутуучунун ичинен 3ү илимдин доктору, профессор, ал эми 12си илимдин кандидаты, доцент болуп саналат. Бул 100% көрсөткүчтү түзүп, дисциплиналар толугу менен жогорку квалификациядагы адистер тарабынан окутуларын тастыктайт. PhD даражасына ээ окутуучулар бул программада жок.

Илимий наамдар боюнча караганда, профессордук наамга ээ окутуучулар 2 адамды, ал эми доценттик наамга ээ окутуучулар 10 адамды түзөт. Бул академиялык чөйрөдө тажрыйбалуу кадрлардын басымдуулугун көрсөтөт.

Билим берүү программасынын профилине шайкештик да жогорку деңгээлде. Илимдин докторлорунун баары жана илимдин кандидаттарынын толук курамы (12 адам) түздөн-түз ББП профили боюнча дисциплиналарды окутууга тартылган. Бул окуу процессинин илимий-методикалык сапатын жогорулатат.

Окутуучулардын сапаттык деңгээлин жогорулатуу жана кесиптик өнүгүүсү үчүн университетте бир катар системалуу шарттар түзүлгөн. Аларга төмөнкүлөр кирет:

-Квалификацияны жогорулатуу курстары, семинарлар жана тренингдер үзгүлтүксүз уюштурулат;

-Илимий изилдөөлөргө катышуу жана эл аралык журналдарда (Scopus, Web of Science, РИНЦ) макала жарыялоо стимулдаштырылат;

-Конкурстар (“Заманбап лектор”, “Мыкты илимий макала” ж.б.) аркылуу окутуучулардын эмгеги бааланат жана сыйланат;

-Эл аралык академиялык мобилдүүлүк жана конок лекциялар системалуу түрдө ишке ашат.

Материалдык-техникалык база да окутуучулардын сапаттуу ишмердүүлүгүн камсыздайт. Ар бир окутуучу компьютер жана интернет менен камсыздалып, аудиториялар заманбап жабдуулар менен жабдылган. Ошондой эле «Этнографиялык илимий изилдөөлөр лабораториясы» жана «Тарых музейи» окуу-илимий процесске активдүү кызмат кылат.

530400 «Тарых» багыты (археология жана социалдык антропология профили) боюнча магистратура программасында профессордук-окутуучулук курамды тандоо, алардын квалификациясы жана кесиптик компетенциялары Кыргыз Республикасынын нормативдик укуктук актыларына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана ОшМУнун ички ченемдик документтерине ылайык системалуу түрдө жөнгө салынат.

Окутуучуларды жумушка кабыл алуу Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине, жогорку кесиптик билим берүү стандарттарына жана ОшМУнун №15 бюллетенинде белгиленген талаптарга ылайык жүргүзүлөт. Тандоо процессинде окутуучунун окутула турган дисциплинага шайкеш адистиги, илимий даражасы (доктор, кандидат), илимий-методикалык ишмердүүлүгү жана педагогикалык компетенциялары негизги критерийлер катары каралат. Бул талаптар билим берүү программасынын сапатын жана натыйжалуулугун камсыз кылууга багытталган.

Окутуучуларды тандоо процесси ачык-айкын жана конкурстук негизде ишке ашырылат. Талапкерлер тестирлөөдөн өтүшөт, окуу-методикалык комплекс (ОМК) түзүшөт жана үлгү сабак өтүү аркылуу практикалык педагогикалык даярдыгы бааланат. Бул механизм окутуучунун теориялык билимин гана эмес, анын реалдуу педагогикалык жана методикалык компетенцияларын да аныктоого мүмкүндүк берет.

Конкурстук тандоодон өткөн окутуучулар белгиленген тартипке ылайык сыноо мөөнөтү менен же түздөн-түз вакансиялык кызматка кабыл алынат.

530400 «Тарых» багыты (археология жана социалдык антропология профили) боюнча магистратура программасында профессордук-окутуучулук курамдын илимий-изилдөө ишмердүүлүгү системалуу түрдө уюштурулуп, ал түздөн-түз билим берүү программасынын предметтик багыты менен тыгыз байланышта жүргүзүлөт.

Окутуучулар археология, этнология, тарыхый демография жана социалдык антропология багыттарында илимий изилдөөлөрдү жүргүзүшөт. Алардын илимий эмгектери кафедра деңгээлинде талкууланып, бекитилгенден кийин окуу процессине киргизилет. Бул механизм илимий натыйжалардын түздөн-түз магистранттарды окутууда колдонулушун камсыз кылат.

Окутуучулардын изилдөө ишмердүүлүгү төмөнкү негизги багыттарда ишке ашат:

-археологиялык казуулар жана материалдык маданиятты изилдөө;

-этнологиялык талаа изилдөөлөрү жана интервью методдору;

-Кыргызстандагы этнодемографиялык процесстерди талдоо;

-тарыхый булактарды илимий-методологиялык негизде анализдөө;

-дисциплиналар аралык (археология, антропология, табигый илимдер) изилдөөлөр.

ББП предметтик багыты боюнча илимий натыйжалардын колдонулушун эксперттин пикири боюнча ПО курамдын илимий изилдөөлөрү түздөн-түз окуу процессине интеграцияланган. Мисалы:

-доцент Алишер кызы Салтанаттын археологиялык изилдөөлөрү магистранттарга лекция жана талаа практикасы катары колдонулат;

-доцент Сатыбалдиева Ч.Т. этнологиялык материалдары окуу курстарында талкууланат;

-доцент Г.Э. Чыныкееванын этнодемографиялык процесстер боюнча эмгектери аналитикалык сабактарда пайдаланылат.

Бул практика ББПнын теория менен практиканын байланышын күчөтүп, магистранттардын изилдөө компетенцияларын өнүктүрөт.

ПОКтун чыгармачыл, жеке жана кесиптик өнүгүүсү үчүн университет тарабынан жагымдуу шарттар түзүлгөн. Ош мамлекеттик университетинде профессордук-окутуучулук курамдын кесиптик өсүшүн камсыз кылуу максатында төмөнкү багыттагы иштер системалуу түрдө ишке ашырылат:

1. Профессордук-окутуучулук курамдын кесиптик деңгээлин жогорулатуу максатында тренингдер, семинарлар жана квалификацияны жогорулатуу курстары үзгүлтүксүз уюштурулат.
2. Окутуучулар илимий изилдөөлөргө активдүү тартылып, жаңы идеяларды жана илимий концепцияларды иштеп чыгууга шарт түзүлөт.
3. Кесиптик өсүүгө багытталган институттук программалар ишке ашырылып, окутуучулардын карьералык өнүгүүсү колдоого алынат.
4. Окутуучулар социалдык, маданий жана руханий иш-чараларга тартылып, алардын инсандык өнүгүүсүнө өбөлгө түзүлөт.
5. Университеттин материалдык-техникалык базасы тынымсыз жаңыланып, заманбап аудиториялар, лабораториялар жана санариптик ресурстар менен камсыздалган.

Педагогикалык жамаат окуу кабинеттери, китепкана жана жогорку ылдамдыктагы интернет менен толук камсыздалган. Ар бир окутуучуга иштөө үчүн компьютердик техника берилген. Ошондой эле илимий макалаларды “ОшМУнун жарчысы” журналында жарыялоо, окуу куралдарын жана окуу-методикалык колдонмолорду басып чыгаруу мүмкүнчүлүгү каралган.

ОПКнын эл аралык жана региондук иш-чараларга катышуусу университет тарабынан каржылык жана уюштуруучулук жактан колдоого алынат. Бул багытта окутуучулар чет өлкөлүк жана аймактык илимий конференцияларга, симпозиумдарга жана конок лекцияларга активдүү катышып келишет.

Материалдык-техникалык база дагы кесиптик өнүгүүнү колдойт. Тактап айтканда, 209-каанада «Этнографиялык илимий изилдөөлөр лабораториясы», ал эми 203-каанада «Тарых музейи» иш алып барат.

Мындан тышкары, илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн колдоо максатында ОшМУнун ички гранттык программалары аркылуу практикалык мааниси жогору долбоорлор каржыланат.

Эл аралык академиялык кызматташтыктын алкагында окутуучулар Франция, Чехия, Россия, Өзбекстан жана Казакстан сыяктуу өлкөлөрдө стажировкалардан өтүп, конок лекцияларды өткөрүшөт.

Мисалы: Өзүн-өзү баалоо отчетуна ылайык:

-2024-жылдын 26–27-ноябрында доценттер С.А. Смадияров, С.А. Арстанов жана С.К. Осмонова Чехиянын Пльзень шаарындагы Батыш Чех университетинде конок лекцияларды өтүшкөн.

-2024-жылдын 13–18-майында доцент Алишер кызы Салтанат Өзбекстандын Самарканд шаарындагы “Жибек Жолу” Эл аралык университетинде конок лекцияларды окуган.

-2025-жылдын 26-февралында Алтай мамлекеттик университетинин доценти И.И. Назаров магистранттар үчүн “Старые традиции и новые смыслы в кумандинском обряде Кочо-Хан” аттуу конок лекциясын өткөргөн.

Эксперттин пикиринде, бул иш-чаралар окутуучулардын эл аралык академиялык чөйрөгө интеграцияланышын камсыз кылып, билим берүү программасынын сапатын жогорулатууга өбөлгө түзөт.

***Күчтүү жактар:***

1. Университетте окутуучуларды тандоону камсыз кылган (кадрларды тандоо жөнүндө жобо, кызмат орундарын ээлөө жөнүндө жобо) нормативдик документтер иштейт, бул конкурстук жана ачык-айкын механизмди камсыз кылат;
2. Профессордук-окутуучулук курам тиешелүү базалык билимге, илимий даражага жана илимий-педагогикалык тажрыйбага ээ болуп, окуу процессин сапаттуу ишке ашырууга жана окутуу натыйжаларына жетишүүгө мүмкүнчүлүк берет;
3. Окутуучулар илимий изилдөөлөргө активдүү катышып, жыйынтыктарын жарыялап, улуттук жана эл аралык конференцияларга катышып, магистранттардын илимий иштерин да колдошот;
4. Окутуучулар Erasmus+ программасына, эл аралык академиялык алмашууларга жана илимий кызматташтыктарга катышат;
5. Университетте квалификацияны жогорулатуу системасы иштейт (Квалификацияны жогорулатуу институту аркылуу), академиялык мобилдүүлүк, чет өлкөлүк стажировкалар, заманбап окутуу ыкмалары жана санариптик технологиялар боюнча тренингдер уюштурулат;
6. Университетте окутуучулардын кесиптик жана инсандык өнүгүүсү үчүн жагымдуу шарттар түзүлгөн. ПОК илимий маалымат базаларына, китепканаларга жана заманбап билим берүү ресурстарына жеткиликтүү. Ошондой эле кызматкерлерди социалдык жактан колдоо программалары ишке ашырыла;
7. Окутуунун сапатын көзөмөлдөө инструменттери колдонулат: «Окутуучу студенттердин көзү менен» анкетасы, ачык сабактар, өз ара сабакка катышуу жана ички сапат мониторинги.

***Сунушталган чаралар:***

1. Окутуучулардын илимий-изилдөө активдүүлүгүн күчөтүү, айрыкча Scopus жана Web of Science базаларындагы журналдарда публикацияларды көбөйтүү;
2. Окутуучулардын кесиптик өнүгүүсүн системалаштыруу, анын ичинде жеке карьералык жана илимий өсүү пландарын иштеп чыгуу;
3. Окутуу процессин санариптештирүүнү күчөтүү, заманбап билим берүү технологияларын кеңири колдонуу;
4. Окутуучулардын академиялык мобилдүүлүгүн кеңейтүү, эл аралык программаларга катышуусун активдештирүү.

***Аткарууга милдеттүү сунуштар:***

1. PhD даражасына ээ болгон окутуучулардын пайызын көбөйтүү боюнча конкреттүү кадамдарды жана иш-чараларды камтыган окутуучулар курамын чыңдоо зарыл.

**Комиссиянын 5-стандарт боюнча чечими:**

Билим берүү программасынын ишмердүүлүгү 5 стандарттын талаптарына **көпчүлүк деңгээлде шайкеш келет**.

## *6-СТАНДАРТ. ИНФРСТРУКТУРА, РЕСУРСТАР ЖАНА МАГИСТРАНТТАРДЫ КОЛДОО*

| |
|---|
| ***Стандарттын аныктамасы*** |
| *Бул стандартка ылайык, Билим берүү уюму/Билим берүү программасы окутуу жана окутуучулук ишмердүүлүгү үчүн жетиштүү ресурстарга жана каржылоого ээ болушу керек, Магистранттар үчүн жеткиликтүү жана ылайыктуу окуу материалдарын жана колдоо механизмдерин, анын ичинде ден соолук жана коопсуздук маселелерин камсыз кылууга тийиш.* <br> *Билим берүү программасында материалдык-техникалык жабдуулар туруктуу түрдө жаңыланып, өркүндөтүлүп жана кеңейтилип турушу зарыл.* <br> *Окуу аудиториялары, лабораториялар жана алардын жабдуулары заманбап болуп, билим берүү программасынын максаттарына жана күтүлгөн жыйынтыктарына шайкеш келиши керек. Инфраструктура, кызмат көрсөтүүлөр жана окуу ресурстары стейкхолдерлердин талаптары менен муктаждыктарын канааттандырууга тийиш. Магистранттар өз алдынча окуу жана изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн жетиштүү мүмкүнчүлүктөргө ээ болушу керек.* <br> *Билим берүү программасы (Билим берүү уюму/бөлүмү) окуу үчүн зарыл болгон материалдарды камтыган китепканага ээ болушу керек: окуу, техникалык жана маалыматтык адабияттар, ар кандай мезгилдүү басылмалар ж.б.* <br> *Магистранттар менен окутуучулар үчүн маалыматтык ресурстарга (локалдык тармак, интернет) кирүүгө мүмкүнчүлүк берген компьютердик класстар жана терминалдар жеткиликтүү болушу зарыл.* <br> *Магистранттардын өз алдынча билим алуусу жана кесиптик, жеке өнүгүүсү үчүн ыңгайлуу билим берүү чөйрөсү түзүлүшү керек.* <br> *Инфраструктураны жакшыртуу боюнча пландаштырууда Магистранттар менен профессордук-окутуучулук курамдын күтүүлөрүн эске алуу механизми иштелип чыгып, колдонууга киргизилиши керек.* <br> *Билим берүү уюмунун жана Билим берүү программасынын жетекчилиги инфраструктураны өнүктүрүү жана академиялык, башка колдоо кызматтарын көрсөтүү аркылуу Магистранттар менен профессордук-окутуучулук курамдын муктаждыктарына өз убагында жооп кайтарышы зарыл. Билим берүү уюму бул ресурстардын жеткиликтүүлүгүн жана колдонулушун көзөмөлдөөгө тийиш.* <br> *Билим берүү программасынын деңгээлинде Магистранттар жана профессордук-окутуучулук курам үчүн кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты бааланып турушу керек.* |
| ***Стандартка Колдонмо*** <br> *Натыйжалуу окутууну камсыз кылуу максатында, Билим берүү уюму/Билим берүү программасы Магистранттарды окуу процессинде колдоо жана жардам көрсөтүү үчүн керектүү окуу ресурстары менен камсыздоого тийиш. Мындай ресурстар материалдык (мисалы, китепканалар, окуу жабдуулары, маалыматтык-технологиялык инфраструктура)* |

*жана адамдык (мисалы, насаатчылар, кураторлор жана башка консультанттар) болушу мүмкүн.*

*Окуу ресурстарын бөлүштүрүү, пландаштыруу, Магистранттарды колдоо, ошондой эле студентке багытталган билим берүү жана ийкемдүү окутуу моделдерине өтүү учурунда ар түрдүү Магистранттардын (мисалы, иштегендер, бойго жеткендер, жарым-жартылай окугандар, чет өлкөлүк Магистранттар жана мүмкүнчүлүгү чектелгендер) муктаждыктары эске алынууга тийиш. Ошондой эле Билим берүү уюму/Билим берүү программасы тарабынан Магистранттардын сапаттуу билим алуусун камсыздоо үчүн зарыл болгон ресурстар, анын ичинде алардын ден соолугу жана коопсуздугуна байланышкан маселелер боюнча колдоо көрсөтүлүшү керек.*

*Магистранттарды колдоо чаралары жана шарттары ар кандай институционалдык контекстке жараша ар түрдүү форматта уюштурулушу мүмкүн. Ошого карабастан, ички сапатты камсыздоо системасы бардык ресурстардын белгиленген максаттарга шайкеш келишин, жеткиликтүүлүгүн жана Магистранттардын алар тууралуу маалымдуулугун кепилдейт.*

*Магистранттарды колдоо кызматтарын көрсөтүүдө техникалык жана административдик кызматкерлердин ролу маанилүү болуп саналат. Ошондуктан, алар тийиштүү квалификацияга ээ болуп, өз компетенцияларын жогорулатууга мүмкүнчүлүк алышы керек.*

***Жалпы баалоо:***

Эксперттик комиссия “Тарых” билим берүү программасынын Стандарт 6нын талаптарына шайкештигин баалоо максатында өзүн-өзү баалоо отчетун, тиркелген документтерди, магистранттар менен профессордук-окутуучулук курамдын сурамжылоолорунун жыйынтыктарын, сабактарга катышуунун жана инфраструктураны көрүүнүн материалдарын комплекстүү талдоого алды.

Талдоонун жыйынтыгында төмөнкүлөр аныкталды:

*Материалдык-техникалык база.* Билим берүү программасы жетиштүү материалдык-техникалык базага ээ. Анын ичинде өнүккөн инфраструктура, окуу аудиториялары, лабораториялар, компьютердик класстар жана китепкана ресурстары бар. Адистештирилген борборлордун, электрондук китепканалардын, автоматташтырылган тейлөө системаларынын жана санариптик ресурстардын болушу билим берүү процессин базалык деңгээлде ишке ашырууга шарт түзөт. Материалдык-техникалык базанын үзгүлтүксүз жаңыртылып турушу жана заманбап технологиялардын киргизилиши оң бааланат.

Бирок өзүн-өзү баалоо отчетунда инфраструктуранын сүрөттөлүшү негизинен сүрөттөмө мүнөзгө ээ. Жетиштүү деңгээлде аналитикалык маалыматтар камтылган эмес. Бир магистрантка карата камсыздалуу боюнча сандык көрсөткүчтөр, ресурстарды пайдалануунун интенсивдүүлүгү жана алардын окуу натыйжаларына тийгизген таасири жөнүндө маалыматтар жок. Инфраструктура менен кесиптик компетенцияларды калыптандыруунун ортосунда түз байланыш байкалбайт. Лабораториялык жана китепкана базаларын пайдалануунун эффективдүүлүгүн тастыктаган далилдер келтирилген эмес.

*Инклюзивдүү билим берүү.* Бөлүмдө коопсуз жана колдоочу билим берүү чөйрөсүн камсыз кылуу шарттары (медициналык тейлөө, спорттук инфраструктура, видеокөзөмөл, ийкемдүү окутуу формалары) көрсөтүлгөн. Магистранттардын ар кандай категорияларынын, анын ичинде иштеп окугандардын муктаждыктарын эске алуу оң аспект болуп саналат. Бирок инклюзивдүү билим берүү принциптери негизинен декларативдик деңгээлде берилген. Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн

адаптацияланган инфраструктуранын болушу тууралуу маалыматтар жок. Инклюзивдүү ыкмаларды ишке ашыруунун конкреттүү механизмдери көрсөтүлгөн эмес. Дистанциялык жана аралаш окутуу формаларынын эффективдүүлүгү, ошондой эле магистранттардын канааттануу деңгээли боюнча маалыматтар келтирилген эмес.

*Кызыкдар тараптардын пикирлерин эске алуу механизми.* Бөлүмдө сурамжылоолорду өткөрүү жана инфраструктураны жарым-жартылай жаңыртуу аркылуу кызыкдар тараптардын пикирлерин эске алуу механизминин бар экендиги көрсөтүлгөн. Бул магистранттардын, окутуучулардын жана жумуш берүүчүлөрдүн муктаждыктарын эске алууга умтулууну тастыктайт. Бирок бул механизм системалуу башкаруу инструменти катары көрсөтүлгөн эмес. Сурамжылоолордун жыйынтыктары, алардын анализи жана алардын негизинде кабыл алынган конкреттүү башкаруучулук чечимдер көрсөтүлбөгөн. Инфраструктураны жаңыртуу эпизоддук мүнөзгө ээ жана стратегиялык пландаштыруу менен бекемделген эмес.

*Академиялык кеңеш берүү системасы.* Академиялык кеңеш берүү системасы нормативдик негизде иштейт. Ал магистранттарды колдоонун негизги багыттарын, анын ичинде илимий ишмердүүлүктү, академиялык мобилдүүлүктү жана жумушка орношууну камтыйт. Санариптик инструменттердин жана консультациялык колдоонун болушу программанын күчтүү жактарынын бири болуп саналат. Бирок системанын сүрөттөлүшү нормативдик база менен гана чектелип, анын эффективдүүлүгүнө баа берилген эмес. Магистранттарды камтуу, консультациялардын жыштыгы, канааттануу деңгээли жана алардын академиялык натыйжаларга тийгизген таасири боюнча көрсөткүчтөр жок. Практикалык жыйынтыктар (ийгиликтүү кейстер, публикациялар, карьералык жетишкендиктер) көрсөтүлгөн эмес.

*Магистранттарды колдоо системасы.* Бул бөлүмдө китепкана ресурстары, санариптик инфраструктура, медициналык, социалдык жана карьералык кызматтар сыяктуу колдоо системасынын өнүккөндүгү көрсөтүлгөн. Бул билим берүү чөйрөсүн ыңгайлуу кылып, студенттердин комплекстүү өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт. Бирок бөлүм көбүнчө университеттин жалпы инфраструктурасын чагылдырып, магистратуранын өзгөчөлүгү жетиштүү деңгээлде ачылган эмес. Магистранттардын илимий активдүүлүгү (конференциялар, публикациялар, долбоорлор) боюнча көрсөткүчтөр жок. Ресурстарды пайдалануу жана канааттануу деңгээли боюнча маалыматтар берилген эмес.

*Сервис кызматтарын баалоо.* Бөлүмдө магистранттарды сурамжылоо аркылуу сервис кызматтарын баалоо практикасы көрсөтүлгөн. Кызматтарга канааттануу боюнча айрым аспектилер келтирилген. Кайтарым байланыштын болушу оң фактор болуп саналат. Бирок баалоо системасы комплекстүү эмес: так критерийлер, туруктуу мониторинг жана динамика анализи жок. Маалыматтар үзүндү мүнөзгө ээ жана башкаруучулук чечимдер менен коштолгон эмес.

Өзүн-өзү баалоо отчетунда берилген SWOT-анализ билим берүү программасынын инфраструктурасы жана ресурстары боюнча негизги мүнөздөмөлөрдү чагылдырат. Күчтүү жактар материалдык-техникалык база жана санариптик инфраструктура менен байланышкан, мүмкүнчүлүктөр технологиялардын өнүгүшү жана инфраструктураны жакшыртуу менен байланыштуу. Бирок SWOT-анализ сүрөттөмө мүнөзгө ээ болуп, стратегиялык функцияны аткарбайт. Күчтүү жактар атаандаштык артыкчылыктар катары көрсөтүлгөн эмес. Мүмкүнчүлүктөр ишке ашыруу механизмдери менен бекемделген эмес. Алсыз жактар жана тобокелдиктер аларды азайтуу чаралары менен коштолгон эмес.

*Жыйынтыктап айтканда,* “Тарых” билим берүү программасы 6-Стандарттын талаптарына *көпчүлүк деңгээлде жооп берет.* Бирок программанын далилдүүлүгүн, аналитикалык бөлүгүн жана башкаруу процесстеринин ачыктыгын күчөтүү зарыл.

***Артыкчылыктары:***

1. Жетиштүү материалдык-техникалык базанын болушу. Өнүккөн инфраструктура, окуу аудиториялары, лабораториялар, компьютердик класстар жана китепкана ресурстары окуу процессин сапаттуу уюштурууга мүмкүндүк берет.
2. Адистештирилген борборлордун, электрондук китепканалардын, автоматташтырылган тейлөө системаларынын жана санариптик ресурстардын болушу. Бул билим берүү процессин заманбап деңгээлде ишке ашырууга шарт түзөт.
3. Материалдык-техникалык базанын үзгүлтүксүз жаңыртылып турушу жана заманбап технологиялардын киргизилиши.
4. Колдоочу билим берүү чөйрөсүнүн элементтери. Медициналык тейлөө, спорттук инфраструктура, видеокөзөмөл жана окутуунун ийкемдүү формалары уюштурулган.
5. Ар кандай категориядагы магистранттардын (анын ичинде иштеп окугандардын) муктаждыктарын эске алууга умтулуу.
6. Академиялык кеңеш берүү системасынын нормативдик негизде иштеши жана анын илимий ишмердүүлүккө, академиялык мобилдүүлүккө, жумушка орношууга багытталышы. Санариптик инструменттердин жана консультациялык колдоонун болушу.
7. Кайтарым байланыштын болушу (сурамжылоолор, инфраструктураны жаңыртуунун айрым мисалдары). Бул кызыкдар тараптардын муктаждыктарын эске алууга умтулууну көрсөтөт.

***Сунушталган чаралар:***

1. Инклюзивдүү билим берүүнү өнүктүрүү максатында билим берүү чөйрөсүнүн жеткиликтүүлүгүнө аудит жүргүзүү жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн адаптацияланган инфраструктураны (пандустар, тактилдик плиткалар, сурдо-аудиториялар) этап-этабы менен кеңейтүү мүмкүнчүлүгүн кароо.
2. Ийкемдүү окутуу формаларынын эффективдүүлүгүн талдоону күчөтүү максатында дистанциялык жана аралаш окутуунун магистранттардын академиялык натыйжаларына тийгизген таасирин изилдөө.
3. Сервис кызматтарын баалоонун комплекстүү системасын иштеп чыгууда так критерийлерди, үзгүлтүксүз мониторингди жана көрсөткүчтөрдүн динамикасын талдоону караштыруу.
4. Окутуу шарттарын системдик негизде мониторинг кылуу максатында магистранттардын канааттануу деңгээлин үзгүлтүксүз изилдөөнү караштыруу.

***Аткарууга милдеттүү сунуштар:***

1. Ресурстардын камсыздалуусун жана пайдаланылышын чагылдырган сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрдүн (KPI) системаны өркүндөтүү зарыл.
2. Инклюзивдүү билим берүү принциптерин ишке ашыруунун конкреттүү механизмдерин иштеп чыгуу жана документтештирүү.
3. Академиялык кеңеш берүүнүн эффективдүүлүгүн баалоо системасын активдештирүү керек.
4. Каржылоонун динамикасын жана программанын муктаждыктарын эске алуу менен материалдык-техникалык базаны модернизациялоонун орто мөөнөттүү планын иштеп чыгуу жанга бекитүү.

5. Инфраструктураны өнүктүрүү боюнча туруктуу отчеттуулук жана пландаштыруу системасын киргизүү.

***6-Стандарт боюнча комиссиянын чечими – ББПнын ишмердүүлүгү – Агенттиктин бул стандартына көпчүлүк деңгээлде шайкеш келет.***

## *7-СТАНДАРТ: ОТЧЕТТУУЛУК, АЙКЫНДУУЛУК, МААЛЫМАТТЫ БАШКАРУУ ЖАНА АНЫН ИШЕНИМДҮҮЛҮГҮ. КООМЧУЛУКТУ МААЛЫМДОО.*

| ***Стандарттын аныктамасы*** |
|---|
| *Билим берүү уюму/Билим берүү программасы өзүнүн билим берүү программаларын жана башка ишмердүүлүгүн натыйжалуу башкаруу үчүн тиешелүү маалыматтарды чогултуп, талдап жана колдонууга кепилдик бериши керек.*<br>*Бул стандартка ылайык, программаны ишке ашырууда башкаруунун ачык-айкын системасы иштеп, бардык стейкхолдерлер үчүн керектүү документтерге жана маалыматтарга жеткиликтүүлүк камсыздалышы керек.*<br>*Билим берүү программасын ишке ашырууда отчеттуулук принциптери сакталышы керек: коомчулукка жана бардык стейкхолдерлерге толук, системалуу жана ишенимдүү маалымат берүү.*<br>*Билим берүү программасынын жетекчилиги Магистранттар үчүн, ПОК жана башка стейкхолдерлер үчүн ачык жана жеткиликтүү экенин тастыктаган далилдерди камсыз кылат жана көрсөтөт.*<br>*Билим берүү программасында чечим кабыл алуунун ачык-айкын саясаты жана коомчулукту жана кызыкдар тараптарды объективдүү жана өз убагында маалымдоо механизмдери иштейт. Билим берүү уюму/Билим берүү программасы өз ишмердүүлүгү тууралуу маалыматтарды жарыялап турууга тийиш, бул маалымат так, объективдүү, актуалдуу жана оңой жеткиликтүү болушу керек.* |
| ***Стандартка Колдонмо*** |
| *Ишенимдүү маалымат – бул чечим кабыл алуу үчүн жана кайсы нерсе натыйжалуу иштеп жатканын, кайсынысы жакшыртууну талап кыларын билүү үчүн зарыл шарт болуп саналат. Билим берүү программалары жана башка ишмердүүлүктөр боюнча маалыматтарды үзгүлтүксүз жана системалуу түрдө чогултуу жана талдоо процессинин натыйжалуу болушу ички сапатты камсыздоо системасынын ишине чоң салым кошот.*<br>*Маалыматтын кандайча чогултулушу билим берүү уюмунун түрүнө жана миссиясына жараша бир аз айырмаланышы мүмкүн. Бирок, төмөнкү маалыматтар өзгөчө маанилүү болуп саналат: негизги көрсөткүчтөр; Магистранттардын контингенти тууралуу маалымат; жетишкендиктери, окуу жетишкендиктери жана окуу жайдан чыгарылышы; Магистранттардын тандалган программаларга болгон канааттануусу; билим берүү ресурстарынын жана Магистранттарды колдоо кызматтарынын жеткиликтүүлүгү; бүтүрүүчүлөрдүн карьералык өсүшү.*<br>*Маалыматтарды чогултуу үчүн ар кандай ыкмалар колдонулушу мүмкүн. Маанилүүсү – Магистранттар жана кызматкерлер маалыматтарды топтоо жана талдоо, ошондой эле кийинки аракеттерди пландаштыруу процесстерине активдүү катышуусу.*<br>*Билим берүү уюмдарынын ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтар потенциалдуу Магистранттар, учурда окуп жаткан Магистранттар, бүтүрүүчүлөр, башка кызыкдар тараптар жана жалпы коомчулук үчүн пайдалуу болуп эсептелет.* |

*Ошондуктан, билим берүү уюмдары өз ишмердүүлүгү тууралуу маалыматтарды сунуштап турушу керек. Бул маалыматтар төмөнкүлөрдү камтышы зарыл: сунушталган программалар жана кабыл алуу критерийлери, бул программалар боюнча күтүлгөн окуу натыйжалары, ыйгарылган квалификациялар, окутуу жана үйрөтүү ыкмалары, баалоо жол-жоболору жана өтүү баллдары, Магистранттар үчүн окуу мүмкүнчүлүктөрү, ошондой эле бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрү тууралуу маалымат.*

***Жалпы баалоо:***

7.1–7.5-критерийлер боюнча эң негизги тыянак төмөнкүдөй: программада маалыматты чогултуу, талдоо жана жарыялоо механизмдери бар, бирок алардын ишенимдүүлүгү менен ички шайкештиги жетиштүү деңгээлде калыптанган эмес. Өзүн-өзү баалоо отчёту 66–67-беттерде сайт, гезит, телеканал, стенд, жолугушуу жана протоколдор аркылуу ачыктык камсыздалганын, 27.05.2025-жылдагы №9 протоколдун негизинде 4-семестрге байланышкан окуу планына өзгөртүү киргизилгенин, бардык кызыкдар тараптар үчүн маалымат жеткиликтүү экенин жазат. Эксперттик комиссия айрым документтер убагында жаңыртылбай калганын, ошондой эле документтештирүү жана публикациялоо эрежелерин системалаштыруу зарылдыгын белгилейт.

Бул стандарт боюнча эң жогорку жүктөм көтөргөн маселе — сандык маалыматтардын дал келбеши. Комиссия үчүн ишенимдүүлүк деген сөз бир эле көрсөткүч ар кайсы бөлүмдө бирдей берилиши керек дегенди билдирет. Бирок бул жерде:

- 3-бетте программа боюнча 10 магистрант, 3 доктор, 14 кандидат;
- 37–38-беттерде академиялык жетишкендиктер боюнча GPA 2,70; 0% отличник; 85,7% - орто деңгээл; 14,3% төмөн деңгээл; 1 окуудан чыгаруу;
- 46-бетте 4.15 п. бүтүрүүчүлөр жок;
- 52–53-беттерде ПОК боюнча 15 жалпы, 12 штаттык, 3 айкалыштырып иштеген, 2 доктор, 12 кандидат, 0 PhD.

Демек, программа сандык маалыматты чогултат, бирок бардыгын бирдиктүү, текшерилген жана бири-бири менен дал келген отчеттук пакетке айланта элек.

Экинчи маанилүү маселе — ачык веб-маалыматтын сапаты. Өзүн-өзү баалоо отчёту 66–67-беттерде law.oshsu жана башка веб-шилтемелерди ачык маалыматтын негизги булагы катары көрсөтөт. Бирок расмий веб-текшерүүдө 530400 үчүн актуалдуу ачык пакет негизинен base.oshsu.kg барагында табылды: анда магистратура бөлүмүндө лицензия, 530400 ГОС стандарт, НББП археология 2025 жарыяланган. Ошол эле учурда айрым башка ачык барактарда 2017–2019-жылдардагы материалдар сакталып, конкреттүү 530400 үчүн толук жана дайыма жаңыланган бирдиктүү витрина көрүнбөйт. Демек, «маалымат бар» жана «маалымат системалуу жаңыланып турат» деген түшүнүктөрдү ажыратуу керек: биринчиси тастыкталды, экинчиси толук тастыкталган жок.

Үчүнчү маанилүү түйүн — ишке орношуу боюнча маалымат. Эл аралык агенттиктер үчүн бул стандартта бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуу көрсөткүчү маанилүү, бирок дал ушул программа боюнча отчёттун 46-бетинде түз эле: “2024-жылы жаңы ачылгандыктан бүтүрүүчүлөр жок” деп жазылган. Демек, ушул программа үчүн ишке орношуу пайызы азырынча эсептелбейт; бул жерде туура формулировка — “маалымат жок/такталбайт, себеби бүтүрүүчүлөр али жок”. Туура эмес жол — жок маалыматтын ордуна жалпы институттук же башка программалардын көрсөткүчүн киргизип коюу.

Төртүнчү маанилүү түйүн — инновациялардын ачык көрсөтүлүшү. Бул жерде программада күчтүү жактар бар: 32–33-беттерде VR/AR, GIS, фотограмметрия, санариптик гуманитаристика, долбоордук окутуу жана MyEDU колдонулушу көрсөтүлгөн; 2024–2026-жылдардагы өнүктүрүү планында санариптик археология, визуалдык антропология, биоархеология, маданий мурасты менеджменттөө, дрондор, GPS жана музей-фондду өнүктүрүү киргизилген; 44-бетте эл аралык мастер-класс, 36-бетте илимий долбоорго магистранттарды тартуу, сигналдык корутундуда илимий басылмалар жана конференциялык активдүүлүк жөнүндө сандык маалымат бар. Ошондуктан 7-стандартта «программа эмне жашырып жатат?» деген эмес, тескерисинче «программада жакшы нерсе бар, бирок аны туруктуу жана бирдиктүү маалыматтык логика менен көрсөтүү жетишсиз» деген тыянак негиздүү.

Төмөнкү таблица стандарт 7 үчүн негизги сандык индикаторлорду жана алардын ишенимдүүлүк статусун бириктирет.

| Индикатор | Маани | Булактагы бет / булак | Эксперттик эскертүү |
|---|---|---|---|
| Магистранттардын саны | 10 | өзүн-өзү баалоо отчёту, 3-бет | негизги контингент катары кабыл алынат |
| Жалпы ПОК | 15 | өзүн-өзү баалоо отчёту, 52-бет | 3-беттеги маалымат менен дал келтирүү керек |
| Штаттык ПОК | 12 | 52-бет | так сан бар |
| Айкалыштырып иштеген ПОК | 3 | 52-бет | так сан бар |
| Илимдин докторлору | 2 же 3 | 52-бетте 2; 3-бетте 3; сигналдык корутундуда 3 | маалымат карама-каршы |
| Илимдин кандидаттары | 12 же 14 | 52-бетте 12; 3-бетте 14 | маалымат карама-каршы |
| PhD | 0 | 52-бет | так сан бар |
| Профессор наамы бар ПОК | 2 | 53-бет | так сан бар |
| Доцент наамы бар ПОК | 10 | 53-бет | так сан бар |
| Орточо GPA | 2,70 | 37-бет | академиялык сапаттын базалык көрсөткүчү |
| Орто деңгээлдеги магистранттар | 85,7% | 37-бет | 1 жыл мурдагы окуу жылы деп берилген |
| Төмөн деңгээлдеги магистранттар | 14,3% | 38-бет | тобокелдик зонасы бар |
| Окуудан чыгарылгандар | 1 | 38-бет | окутуу мониторингин тереңдетүүнү талап кылат |
| Апелляция иштери | 0 | 38-бет | акыркы 2 жыл ичинде |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Илимий долбоорго тартылган магистранттар | 3 | 36-бет | «Ош облусунун археологиялык эстеликтерин паспорттоштуруу» |
| Илимий активдүүлүккө тартылган магистранттар | 7 | сигналдык корутунду, 4-стандарт аналитикасы | өзүн-өзү баалоо отчётунда бирдиктүү таблицага айлантуу керек |
| Магистранттардын илимий басылмалары | 7 | сигналдык корутунду, 4-стандарт аналитикасы | сайтта жана жылдык отчётто туруктуу көрсөтүү керек |
| Конференцияга катышуу | 1 | сигналдык корутунду, 4-стандарт аналитикасы | азырынча баштапкы деңгээл |
| Ишке орношуу пайызы | маалымат жок | өзүн-өзү баалоо отчёту, 46-бет | бүтүрүүчүлөр жок, эсептелбейт |
| Ачык документтер пакети | бар | base.oshsu: лицензия, ГОС, НББП | ачык пакет бар, бирок веб-навигация фрагменттелген |

Төмөнкү убакыт сызыгы программа боюнча ачык көрүнгөн негизги ишке ашыруу чекиттерин жалпылайт. Бул схема өзүн-өзү баалоо отчёту, өнүктүрүү планы жана расмий ачык лицензия пакети менен дал келет.

*530400 Тарых магистратурасы боюнча негизги этаптар*

Төмөнкү процесс-схема өзүн-өзү баалоо отчётунда сүрөттөлгөн «маалыматты чогултуу → талдоо → чечим → жарыялоо» циклин көрсөтөт. Проблема циклдин жоктугунда эмес, анын акыркы бөлүгү — бирдиктүү жарыялоо жана дал келтирүү — жетишсиз болушунда.

***Артыкчылыктары:***

1. Маалыматтарды чогултуу жана талдоо үчүн системалуу процесс түзүлгөн.
2. Сайт жана башка электрондук ресурстар (пресс-релиздер, отчеттор) аркылуу маалымат берүү ыкмалары бар.
3. Стейкхолдерлерге (студенттерге, окутуучуларга, ата-энелерге) маалымат жеткирүүнүн бир нече каналдары иштелип чыккан.
4. Отчеттулук мейкиндиги: магистранттардын прогресси жана программанын жыйынтыктары жөнүндө жылдык отчеттор даярдалат.
5. Программа жетекчилиги саясат жана окуу планын коомчулукка маалымдоо боюнча болжолдуу аракеттерди жүргүзөт.

***Сунушталган чаралар:***

1. Билим берүү программасынын веб-ресурстарын жана эл аралык рейтинг сайттарын жаңыртып турууну активдештирүү.
2. Маалыматтык камтууну системалаштыруу: окуу жылына карата аткарылган иштер боюнча башкаруу отчётторун мезгил-мезгили менен даярдоо, жарыялоо.

3. Стейкхолдерлердин канааттануусун талдоонун жыйынтыктарын мамлекеттик деңгээлдеги порталдарга жайылтуу.
4. Маалыматтык журналдарды/басылмаларды күбөлөндүрүү.
5. Окутуучулар жана студенттер үчүн маалыматтык тренингдерди (медиа булактардагы материалды иштеп чыгуу боюнча) киргизүү.

***Аткарууга милдеттүү сунуштар:***

1. Маалыматтарды чогултуу жана жарыялоо процесстерин расмий сайтта ишке жүргүзүүнү системалаштыруу.
2. Маалыматтарды расмий сайтта жана социалдык тармактарда үзгүлтүксүз жаңыртып туруу. Аталган жараянга жооптуу кызматкерди дайындоо.
3. Администрациянын жана студенттердин маалыматтык камтуудагы жоопкерчилигин бекемдөө (KPI аркылуу өлчөө, аткарууну көзөмөлдөө).
4. ББПнын сайтында ички жана тышкы стейкхолдерлер үчүн магистранттардын жетишкендиктерин (окуу, академиялык, илимий, маданий-массалык, спорттук ж.б.) сандык жана сапаттык денгээлде чагылдыруу, системалаштыруу, ирээтке келтирүү, анын актуалдуулугуна, динамикасына өз убагында мониторинг кылуу.
5. Кайра карап чыгуу, чечимдерди кабыл алуу саясатын документ түрүндө бекитүү жана коомчулукка жарыялоону ишке ашыруу.

***7-Стандарт боюнча комиссиянын чечими – ББПнын ишмердүүлүгү – Агенттиктин бул стандартына жарым-жартылай шайкеш келет.***

## ББУ/ББП АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ

| *Стандарт* | *ББУ/ББП АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ* |
|---|---|
| ***Стандарт 1*** | 1. Программа университеттин жана институттун миссиясына мазмундук жактан шайкеш байланышкан: региондук мурас, археология, социалдык антропология жана коомдук талдоо бириктирилген<br>2. 2024–2026-жылдарга карата өз алдынча өнүктүрүү планы бар жана анда инновациялык курстар, экспедициялык база, басылмалар, мониторинг борбору сыяктуу багыттар алдын ала көрсөтүлгөн.<br>3. Стратегиялык багыттар университеттик туруктуу өнүгүү модели менен мазмундук жактан айкалышат.<br>4. Иш берүүчүлөр, магистрант жана окутуучулар программа иштеп чыгуу тобуна киргизилгени 5-бетте көрсөтүлгөн.<br>5. Эл аралык жана улуттук өнөктөштүк багыты стратегиялык документтерде жана отчётто көрүнөт. |
| ***Стандарт 2*** | 1. Сапат саясаты университеттик документтер менен байланыштырылган жана мониторинг циклдары сүрөттөлгөн.<br>2. Академиялык эркиндик жана академиялык чынчылдык боюнча механизмдер көрсөтүлгөн.<br>3. Магистранттар, ПОК жана жумуш берүүчүлөр үчүн канааттануу баалоо формалары көрсөтүлгөн.<br>4. Негизги ачык документтердин пакетинин болушу сапат системасынын институционалдык таянычын бекемдейт. |
| ***Стандарт 3*** | 1. Окуу максаттарынын жана натыйжаларынын стейкхолдерлердин (иш берүүчүлөр, бүтүрүүчүлөр, академиялык коомчулук) катышуусу менен иштелип чыгышы;<br>2. Окуу натыйжаларынын реалдуу кесиптик ишмердүүлүк менен байланышы (илимий изилдөөлөр, талаа экспедициялары, архивдик иштер, аналитикалык ишмердүүлүк);<br>3. Билим берүү процессинин практикалык жана изилдөө компоненттеринин жетиштүү деңгээлде интеграцияланышы;<br>4. Окуу натыйжаларына жетишүүнү баалоо системасынын болушу жана анын салыштырмалуу ачыктыгы. |
| ***Стандарт 4*** | 1. ББПнын миссия жана стратегия менен шайкеш иштелип чыгышы;<br>2. Окуу планынын логикалык түзүлүшү жана дисциплиналардын ырааттуулугу;<br>3. Окуу-методикалык материалдардын (силлабус, УМК) электрондук жеткиликтүүлүгү;<br>4. Студентке багытталган окутуу ыкмаларынын (кейс, долбоор, дебат, VR/AR) колдонулушу;<br>5. Илимий-изилдөө иштеринин, талаа практикаларынын жана музейдик ишмердүүлүктүн интеграцияланышы; |

| | |
|---|---|
| | 6. Академиялык эркиндиктин камсыз болушу (теманы, жетекчини, методологияны тандоо);<br>7. Баалоо жана мониторинг жүргүзүүнүн санариптик системасынын болушу (MYEDU);<br>8. Эл аралык жана улуттук кызматташтык байланыштарынын болушу. |
| ***Стандарт 5*** | 1. Университетте окутуучуларды тандоону камсыз кылган (кадрларды тандоо жөнүндө жобо, кызмат орундарын ээлөө жөнүндө жобо) нормативдик документтер иштейт, бул конкурстук жана ачык-айкын механизмди камсыз кылат;<br>2. Профессордук-окутуучулук курам тиешелүү базалык билимге, илимий даражага жана илимий-педагогикалык тажрыйбага ээ болуп, окуу процессин сапаттуу ишке ашырууга жана окутуу натыйжаларына жетишүүгө мүмкүнчүлүк берет;<br>3. Окутуучулар илимий изилдөөлөргө активдүү катышып, жыйынтыктарын жарыялап, улуттук жана эл аралык конференцияларга катышып, магистранттардын илимий иштерин да колдошот;<br>4. Окутуучулар Erasmus+ программасына, эл аралык академиялык алмашууларга жана илимий кызматташтыктарга катышат;<br>5. Университетте квалификацияны жогорулатуу системасы иштейт (Квалификацияны жогорулатуу институту аркылуу), академиялык мобилдүүлүк, чет өлкөлүк стажировкалар, заманбап окутуу ыкмалары жана санариптик технологиялар боюнча тренингдер уюштурулат;<br>6. Университетте окутуучулардын кесиптик жана инсандык өнүгүүсү үчүн жагымдуу шарттар түзүлгөн. ПОК илимий маалымат базаларына, китепканаларга жана заманбап билим берүү ресурстарына жеткиликтүү. Ошондой эле кызматкерлерди социалдык жактан колдоо программалары ишке ашырыла;<br>7. Окутуунун сапатын көзөмөлдөө инструменттери колдонулат: «Окутуучу студенттердин көзү менен» анкетасы, ачык сабактар, өз ара сабакка катышуу жана ички сапат мониторинги. |
| ***Стандарт 6*** | 1. Жетиштүү материалдык-техникалык базанын болушу. Өнүккөн инфраструктура, окуу аудиториялары, лабораториялар, компьютердик класстар жана китепкана ресурстары окуу процессин сапаттуу уюштурууга мүмкүндүк берет.<br>2. Адистештирилген борборлордун, электрондук китепканалардын, автоматташтырылган тейлөө системаларынын жана санариптик ресурстардын болушу. Бул билим берүү процессин заманбап деңгээлде ишке ашырууга шарт түзөт.<br>3. Материалдык-техникалык базанын үзгүлтүксүз жаңыртылып турушу жана заманбап технологиялардын киргизилиши.<br>4. Колдоочу билим берүү чөйрөсүнүн элементтери. Медициналык тейлөө, спорттук инфраструктура, видеокөзөмөл жана окутуунун ийкемдүү формалары уюштурулган. |

| | |
|---|---|
| | 5. Ар кандай категориядагы магистранттардын (анын ичинде иштеп окугандардын) муктаждыктарын эске алууга умтулуу.<br>6. Академиялык кеңеш берүү системасынын нормативдик негизде иштеши жана анын илимий ишмердүүлүккө, академиялык мобилдүүлүккө, жумушка орношууга багытталышы. Санариптик инструменттердин жана консультациялык колдоонун болушу.<br>7. Кайтарым байланыштын болушу (сурамжылоолор, инфраструктураны жаңыртуунун айрым мисалдары). Бул кызыкдар тараптардын муктаждыктарын эске алууга умтулууну көрсөтөт. |
| ***Стандарт 7*** | **1.** Маалыматтарды чогултуу жана талдоо үчүн системалуу процесс түзүлгөн.<br>**2.** Сайт жана башка электрондук ресурстар (пресс-релиздер, отчеттор) аркылуу маалымат берүү ыкмалары бар.<br>**3.** Стейкхолдерлерге (студенттерге, окутуучуларга, ата-энелерге) маалымат жеткирүүнүн бир нече каналдары иштелип чыккан.<br>**4.** Отчеттулук мейкиндиги: магистранттардын прогресси жана программанын жыйынтыктары жөнүндө жылдык отчеттор даярдалат.<br>**5.** Программа жетекчилиги саясат жана окуу планын коомчулукка маалымдоо боюнча болжолдуу аракеттерди жүргүзөт. |

## *СУНУШТАЛГАН ЧАРАЛАР*

| *Стандарт* | *СУНУШТАР* |
|---|---|
| ***Стандарт 1*** | 1. Программалык стратегияны кайра редакциялоодо ар бир иш-чара үчүн базалык абалды, максаттуу көрсөткүчтү жана аткаруу мөөнөтүн өзүнчө матрицага түшүрүү каралышы мүмкүн.<br>2. Ички жана тышкы стейкхолдерлердин катышуусу менен стратегияны жыл сайын жаңыртып туруу механизми өзүнчө регламент катары иштелип чыгышы максатка ылайык.<br>3. Университеттик стратегиядагы индикаторлор менен ББПнын индикаторлорун байланыштырган «стратегиялык карта» форматын киргизүү каралышы мүмкүн.<br>4. Өнөктөштүк жана мобилдүүлүк боюнча натыйжа индикаторлорун (келишим саны, мобилдүүлүккө катышкан магистрант/ПОК саны, биргелешкен экспедициялар) өзүнчө бөлүп көрсөтүү максатка ылайыктуу. |
| ***Стандарт 2*** | 1. Сурамжылоонун жыйынтыктарын «көйгөй — чечим — натыйжа» логикасында коомчулукка жайылтуу каралышы мумкүн.<br>2. Канааттанууну баалоодо сандык индекстерди жана тренд-талдоону колдонуу максатка ылайык.<br>3. Окутуунун сапаты боюнча ички аудиттин жыйынтыктарын коомдук кыска отчёт форматына өткөрүү максатка ылайык.<br>4. Стейкхолдерлердин сунуштары кандайча окуу планына жана НББПга киргенин бирдиктүү реестрде көрсөтүү каралышы мүмкүн. |
| ***Стандарт 3*** | 1. Ар бир окуу натыйжасы боюнча автономдуулук, жоопкерчилик жана татаал профессионалдык милдеттерди чечүү деңгээлин так чагылдыруу;<br>2. «ББП максаттары – окуу натыйжалары – дисциплиналар – баалоо формалары» ортосундагы толук жана иштөөчү матрицаны иштеп чыгуу жана окуу процессине киргизүү;<br>3. Окуу натыйжаларына жетишүүнү баалоо инструменттерин (рубрикаторлор, индикаторлор) өркүндөтүү. |
| ***Стандарт 4*** | 1. Академиялык мобилдүүлүк мүмкүнчүлүктөрү жетиштүү деңгээлде пайдаланылбай жатат;<br>2. Билим берүү программасын эмгек рыногунун өзгөрүп жаткан талаптарына жана эл аралык билим берүү стандарттарына ылайык үзгүлтүксүз жаңылоо, ошондой эле чет өлкөлүк өнөктөштөр менен академиялык кызматташууну кеңейтүү;<br>3. Санариптик билим берүү чөйрөсүн андан ары өнүктүрүү жана интерактивдүү окутуу ыкмаларын кеңири колдонуу аркылуу магистранттардын өз алдынча билим алуу жана изилдөө компетенцияларын күчөтүү зарыл;<br>4. Ош мамлекеттик университети билим берүү программасында маалыматтарды чогултуу жана баалоо системасын өркүндөтүү үчүн санариптик аналитиканы терендетүү, иш берүүчүлөрдүн |

| | |
|---|---|
| | пикирлерин системалуу интеграциялоо жана портфолиону стандартташтыруу сунушталат;<br>5. Чет элдик университеттер менен кошо кош дипломдуу программаларды киргизүүнүн мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу;<br>6. Археология -антропология адистигине болгон эмгек рыногундагы чектелүүгүн аныктоо учун суроо-талаптарды талдап чыгуу зарыл;<br>7. Талаа практикаларынын тышкы факторлорго көз карандылыгы. |
| ***Стандарт 5*** | 1. Окутуучулардын илимий-изилдөө активдүүлүгүн күчөтүү, айрыкча Scopus жана Web of Science базаларындагы журналдарда публикацияларды көбөйтүү;<br>2. Окутуучулардын кесиптик өнүгүүсүн системалаштыруу, анын ичинде жеке карьералык жана илимий өсүү пландарын иштеп чыгуу;<br>3. Окутуу процессин санариптештирүүнү күчөтүү, заманбап билим берүү технологияларын кеңири колдонуу;<br>4. Окутуучулардын академиялык мобилдүүлүгүн кеңейтүү, эл аралык программаларга катышуусун активдештирүү. |
| ***Стандарт 6*** | 1. Инклюзивдүү билим берүүнү өнүктүрүү максатында билим берүү чөйрөсүнүн жеткиликтүүлүгүнө аудит жүргүзүү жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн адаптацияланган инфраструктураны (пандустар, тактилдик плиткалар, сурдо-аудиториялар) этап-этабы менен кеңейтүү мүмкүнчүлүгүн кароо.<br>2. Ийкемдүү окутуу формаларынын эффективдүүлүгүн талдоону күчөтүү максатында дистанциялык жана аралаш окутуунун магистранттардын академиялык натыйжаларына тийгизген таасирин изилдөө.<br>3. Сервис кызматтарын баалоонун комплекстүү системасын иштеп чыгууда так критерийлерди, үзгүлтүксүз мониторингди жана көрсөткүчтөрдүн динамикасын талдоону караштыруу.<br>4. Окутуу шарттарын системдик негизде мониторинг кылуу максатында магистранттардын канааттануу деңгээлин үзгүлтүксүз изилдөөнү караштыруу. |
| ***Стандарт 7*** | **1.** Билим берүү программасынын веб-ресурстарын жана эл аралык рейтинг сайттарын жаңыртып турууну активдештирүү.<br>**2.** Маалыматтык камтууну системалаштыруу: окуу жылына карата аткарылган иштер боюнча башкаруу отчётторун мезгил-мезгили менен даярдоо, жарыялоо.<br>**3.** Стейкхолдерлердин канааттануусун талдоонун жыйынтыктарын мамлекеттик деңгээлдеги порталдарга жайылтуу.<br>**4.** Маалыматтык журналдарды/басылмаларды күбөлөндүрүү.<br>**5.** Окутуучулар жана студенттер үчүн маалыматтык тренингдерди (медиа булактардагы материалды иштеп чыгуу боюнча) киргизүү. |

## *АТКАРУУГА МИЛДЕТТҮҮ СУНУШТАР*

| *Стандарт* | *СУНУШТАР* |
|---|---|
| ***Стандарт 1*** | 1. ББПнын өнүктүрүү стратегиясы үчүн өлчөнүүчү программалык KPI топтомун иштеп чыгуу.<br>2. 2024–2026-жылдардагы өнүктүрүү планын университеттин расмий миссиясы жана институционалдык индикаторлору менен толук шайкеш форматта кайра карап чыгуу.<br>3. Стратегиялык иш-чаралардын аткарылышы боюнча жылдык мониторинг жана отчёт циклын системалаштыруу.<br>4. Стратегиялык документте жооптуу аткаруучуларды, ресурстук булактарды жана аткаруу далилдерин так көрсөтүүнү камсыз кылуу.<br>5. Стейкхолдерлердин стратегияны кайра кароого катышуусун протоколдук жана электрондук далилдер менен күчөтүү. |
| ***Стандарт 2*** | 1. Сапатты камсыздоо циклинде колдонулуучу программалык KPI, сурамжылоо индикаторлору жана чечим кабыл алуу этаптарын системалаштыруу.<br>2. «Сапат кепилдиги боюнча ачык паспортту» иштеп чыгуу жана анда процедуралар, жоопкерчиликтер, график жана далилдерди бириктирүү.<br>3. Сурамжылоолордун жана мониторингдин натыйжаларынын негизинде кабыл алынган чечимдердин аткарылышын ачык көрсөтүүнү камсыз кылуу.<br>4. Ички жана тышкы стейкхолдерлердин сапатты жакшыртууга катышуусун протоколдор, катышуу барактары жана электрондук далилдер менен күчөтүү.<br>5. Академиялык чынчылдык, антиплагиат жана канааттануу баалоо боюнча аракеттердин натыйжалуулугун жыл сайын кайра карап чыгуу. |
| ***Стандарт 3*** | 1. Программаны үзгүлтүксүз жаңылоо жана компетенцияларды иш жүзүнө ашыруудагы практикалык көндүмдөрдү тереңдетүү сунушталат. |
| ***Стандарт 4*** | 1. Билим алып жаткан магистранттарды археологиялык жана этнографиялык экспедицияларга активдүү тартуу жана бул багыттагы ишмердүүлүктү бекемдөө үчүн археологиялык лабораторияны ачуу зарыл. Анткени, магистранттардын келечектеги кесипкөй, компетентүү адис катары эмгек рыногунун талаптарына толук кандуу жооп бериши үчүн негиз болот. Ошондой эле, бул лабораториянын ачылышы эл аралык денгээлдеги археологиялык артефактарды талдоого мүмкүнчүлүк берет. |

| | |
|---|---|
| ***Стандарт 5*** | 1. PhD даражасына ээ болгон окутуучулардын пайызын көбөйтүү боюнча конкреттүү кадамдарды жана иш-чараларды камтыган окутуучулар курамын чыңдоо зарыл. |
| ***Стандарт 6*** | 1. Ресурстардын камсыздалуусун жана пайдаланылышын чагылдырган сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрдүн (KPI) системаны өркүндөтүү зарыл.<br>2. Инклюзивдүү билим берүү принциптерин ишке ашыруунун конкреттүү механизмдерин иштеп чыгуу жана документтештирүү.<br>3. Академиялык кеңеш берүүнүн эффективдүүлүгүн баалоо системасын активдештирүү керек.<br>4. Каржылоонун динамикасын жана программанын муктаждыктарын эске алуу менен материалдык-техникалык базаны модернизациялоонун орто мөөнөттүү планын иштеп чыгуу жанга бекитүү.<br>5. Инфраструктураны өнүктүрүү боюнча туруктуу отчеттуулук жана пландаштыруу системасын киргизүү. |
| ***Стандарт 7*** | **1.** Маалыматтарды чогултуу жана жарыялоо процесстерин расмий сайтта ишке жүргүзүүнү системалаштыруу.<br>**2.** Маалыматтарды расмий сайтта жана социалдык тармактарда үзгүлтүксүз жаңыртып туруу. Аталган жараянга жооптуу кызматкерди дайындоо.<br>**3.** Администрациянын жана студенттердин маалыматтык камтуудагы жоопкерчилигин бекемдөө (KPI аркылуу өлчөө, аткарууну көзөмөлдөө).<br>**4.** ББПнын сайтында ички жана тышкы стейкхолдерлер үчүн магистранттардын жетишкендиктерин (окуу, академиялык, илимий, маданий-массалык, спорттук ж.б.) сандык жана сапаттык денгээлде чагылдыруу, системалаштыруу, ирээтке келтирүү, анын актуалдуулугуна, динамикасына өз убагында мониторинг кылуу.<br>**5.** Кайра карап чыгуу, чечимдерди кабыл алуу саясатын документ түрүндө бекитүү жана коомчулукка жарыялоону ишке ашыруу. |

***Тиркемелер :***

**1-тиркеме. Эксперттик комиссиянын мүчөлөрүнүн биографиялары**

**2-тиркеме. Эксперттик комиссиянын ББУга сапарынын программасы**

**3-тиркеме. Окуу натыйжаларынын тизмеси**

**4-тиркеме. Эксперттик комиссиянын мүчөлөрү тарабынан талданган документтердин жана иштердин тизмеси**

## *1-тиркеме.* *ЭКСПЕРТТИК КОМИССИЯНЫН МҮЧӨЛӨРҮНҮН БИОГРАФИЯЛАРЫ*

1. **Пулатова Гульнара Тулановна,** экономика илимдеринин кандидаты, доцент, Батырали Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин Окуу бөлүмүнүн башчысы, EdNet агенттигинин сапатты камсыздоо системасы боюнча эксперти;
2. **Жакшылыкова Тинатин Азискановна,** «Психология» кафедрасынын башчысы, «Ала-Тоо» эл аралык университети, улук илимий кызматкер;
3. **Хан Надежда Романовна,** философия илимдеринин кандидаты, Италиянын Рим шаарындагы Антонианум университетинин профессору, Борбор Азия өлкөлөрүн изилдөөчү “Faith and Reason” илимий институтунун эксперти;
4. **Дуйшо кызы Нуржан,** саясий илимдеринин кандидаты, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Ж. Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу Академиясынын Магистратура программасынын доценти;
5. **Койчуманова Чолпон Урушбековна,** тарых илимдеринин доктору, профессор, КР УИАнын мүчө-корреспонденти, И. Арабаев атындагы КМУнун Э.Ж. Маанаев атындагы Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү институтунун директору;
6. **Онкошова Гульнара Калмаковна,** Көп функциялуу "Гармония" коомдук бирикмесинин жетекчиси;
7. **Арынова Наргиза Сапаралиевна,** экономика илимдеринин кандидаты, Батырали Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин билим берүүнүн сапатын камсыздоо жана мониторинг бөлүмүнүн башчысы, EdNet агенттигинин сапатты камсыздоо системасы боюнча эксперти;
8. **Садырова Гулзат Камчыбековна,** К.Скрябин атындагы Кыргыз Улуттук Агрардык Университетинин Сапат, аккредитация жана лицензиялоо бөлүмүнүн башчысы. EdNet агенттигинин сапатты камсыздоо жана аккредитациялоо боюнча эксперти;
9. **Нургалиева Алмагуль Шаймуратовна,** экономика илимдеринин кандидаты, профессор, С. Сейфуллин атындагы Казак агротехникалык изилдөө университетинин академиялык маселелер боюнча департаментинин директорунун орун басары;
10. **Нарынгуль Маргазиева,** PhD, доценттин милдетин аткаруучу, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин туризм факультетинин деканынын орун басары;
11. **Мусабекова Зинат Ракымовна,** химия илимдеринин кандидаты, доцент, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин химия жана химиялык технология факультетинин ЮНЕСКО физикалык жана коллоиддик химия кафедрасынын башчысы;
12. **Шаршеев Эрмек Сабырович,** техникалык илимдердин кандидаты, доцент, Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин Архитектура, дизайн жана курулуш факультетинин «Экология жана өзгөчө кырдаалдарда коргонуу» кафедрасынын доценти;

13. **Сулайманова Майрамгул Азизбековна,** А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин «Химия» багыты боюнча ТТГФ тобунун 4-курс студенти.

## *2-тиркеме.* *ЭКСПЕРТТИК КОМИССИЯНЫН ББУГА САПАРЫНЫН ПРОГРАММАСЫ*

**Образовательная организация:** Ошский Государственный Университет
**Аккредитуемые программы:** 531800 «Европоведение» (бакалавриат), 530300 «Психология» (магистратура), 530400 «История» (магистратура), 580900 «Государственное и муниципальное управление» (магистратура).
**Адрес:** Кыргызская Республика, г. Ош, ул. Масалиева 91
**Дата:** 06-07 апреля 2026 года

**КЛАСТЕР 1 – уровень ВПО**

| Время | Мероприятие | Участники | Ауд |
|---|---|---|---|
| **06 апреля 2026 г.** | | | |
| 08.30 - 8.50 | Сбор в главном корпусе | *Экспертная комиссия* | |
| 09.00 -09.20 | Встреча с ректором ОшГУ<br>*Совместная встреча с экспертными комиссиями двух кластеров (1,2)* | *Список респондентов указан в Приложении 1* | |
| 09.20 -10.00 | Интервью с АУП: проректора, представители Отдела обеспечения качества, Учебного отдела, Отдела науки, Отдела человеческих ресурсов, Отдела международных отношений<br>*Совместное интервью с экспертными комиссиями двух кластеров (1,2)* | *Приложение 1* | |
| 10.00 - 11.55 | Интервью с рабочими группами и руководителями образовательных программ всех ОП Кластера 1 | *Приложение 1* | |
| **12.00 -12.55** | **Обед** | **Экспертная комиссия** | |
| 13.05- 13.40 | Интервью с ППС ОП «Европоведение» (Б) | *Приложение 1* | |
| 13.45-14.20 | Интервью с ППС ОП «Психология» (М) | *Приложение 1* | |
| 14.25- 15.10 | Интервью с ППС ОП «История» (М) | *Приложение 1* | |
| 15.15- 15.50 | Интервью с ППС ОП «Государственное и муниципальное управление» (М) | *Приложение 1* | |
| 15.55- 17.20 | Интервью с магистрантами ОП «Психология», «История», «Государственное и муниципальное управление» | *Приложение 1* | |
| 17.25 – 17.45 | Посещение занятий уровня магистратура | *Экспертная комиссия* | |
| 17.50-18.10 | **Подведение итогов первого дня** | *Экспертная комиссия* | |
| **07 апреля 2026** | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **08.45** | **Сбор в вузе** | *Экспертная комиссия* | |
| 08.50- 09.35 | Интервью со студентами программы «Европоведение» (Б) | *Список респондентов указан в Приложении 1* | |
| 09.40 - 10.00 | Посещение занятий уровня бакалавриат | *Расписание программ Кластера 3* | |
| 10.00 – 10.55 | Интервью с выпускниками всех образовательных программ | *Список респондентов указан в Приложении 1* | |
| 11.00-11-55 | Обзор инфраструктуры | *Экспертная комиссия* | |
| **12.00 - 12.55** | **Обед** | **Экспертная комиссия** | |
| 13.05 -14.10 | Интервью с работодателями всех образовательных программ | *Список респондентов указан в Приложении 1* | |
| 14.10 -14.55 | Интервью с представителями доп. служб (*при запросе комиссии*) / | | |
| 15.00 -17.00 | Закрытое обсуждение экспертной комиссии о результатах визита | *Экспертная комиссия* | |
| 17.00 -17.40<br>**Время может сдвинуться в зависимости от расположения комиссий** | Обсуждение результатов визита экспертных комиссий Кластера 1, 2,3,4 с ректором и руководителями всех образовательных программ | *Руководство вуза и руководители образовательных программ* | |

## *3-тиркеме.* *ОКУУ НАТЫЙЖАЛАРЫНЫН ТИЗМЕСИ*

**1-окуутуунун натыйжасы -** Тарых жана археология илиминин заманбап концепцияларынжана изилдөө усулдарын колдонуп, тарыхый булактарды, археологиялык материалдарды жана маалымат базаларын талдайт.

**2-окуутуунун натыйжасы -** Кесиптик милдеттерди чечүүдө археология жана социалдык антропология багытындагы билимдерди пайдаланып тарыхый жана социалдык-саясий аспектилеринде мамлекеттик муниципалдык мекемеклердин өн өнүгүшүнө салым кошо алат.

**3-окуутуунун натыйжасы -** Тарыхый жана социалдык- саясий процесстерге комплекстүү баа берип, мамлекеттик органдар, коомдук жана илимий институттар үчүн негизделген аналитикалык корутундуларды жана сунуштарды иштеп чыгат

**4-окуутуунун натыйжасы -** Өз алдынча илимий изилдөөлөрдү пландап, жүргүзөт жана алардын натыйжаларын илимий пбликациялар же прикладдык долбоорлор түрүндө илимий чөйрөгө сунуштайт.

**5-окуутуунун натыйжасы -** Тарыхый-маданий мурастарды изилдөө, документтештирүү жана сактоо боюнча мекемелерде кесиптик-практикалык ишмердик аткарат.

## *4-тиркеме.* *ЭКСПЕРТТИК КОМИССИЯНЫН МҮЧӨЛӨРҮ ТАРАБЫНАН ТАЛДАНГАН ДОКУМЕНТТЕРДИН ЖАНА ИШТЕРДИН ТИЗМЕСИ*

1. «Тарых» билим берүү программасы боюнча өзүн-өзү баалоо отчету.
2. ОшМУнун уюмдук структурасы (2015 –ж)
3. Тарых багытынын 2024-2026-окуу жылдарына карата өнүгүү стратегиясы
4. Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы No 179 "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамы
5. ОшМУнун сапат боюнча жетектемеси (01.03.2024)
6. ОшМУнун Миссиясы, Окумуштуулар кеңешинин 2023-жылдын 31-мартындагы № 7 жыйынынын чечими)
7. ОшМУнун сапат боюнча саясаты (02.04.2025)
8. ОшМУнун Уставы
9. ОшМУнун 2023-2026-жылдарга туруктуу өнүгүү модели
10. ОшМУнун Академиялык саясаты (2022)
11. Должностная инструкция ППС ОшГУ от 09.03.2020
12. Шаблон трудового договора
13. Студенттин жүрүм-турусу жөнүндө кодекс
14. ОшМУнун ички эмгек тартип эрежелери
15. Алынган анкеталардын анализи (2024-ж үчүн)
16. Сабактарга катышуунун жана инфраструктураны көрүүнүн протоколдору.
17. Каржылоо динамикасы тууралуу маалымат (2024–2026-жылдар).
18. Штаттык расписание боюнча кеңейтилген анализ
19. Магистрдик (дипломдук) иштер боюнча кеңейтилген анализ
20. Компетенциялардын матрицасы боюнча кеңейтилген анализ
21. Сабакка катышуу анализи боюнча кеңейтилген баалоо
22. Академиялык консультирование боюнча жобо – кеңейтилген анализ
23. Дисциплиналардын силлабустары боюнча кеңейтилген анализ
24. Окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу боюнча отчет
25. Материалдык-техникалык базанын абалы тууралуу маалымдама.
26. Аудиториялык фонддун, лабораториялардын жана компьютердик класстардын тизмеси.
27. Китепкана фондунун жана электрондук ресурстарга жеткиликтүүлүк тууралуу отчет.
28. Инклюзивдүү билим берүү шарттары тууралуу маалымат.
29. Кызыкдар тараптарды сурамжылоонун жыйынтыктары (үзүндү).
30. Академиялык кеңеш берүү жөнүндө жобо.
31. Сервис кызматтарынын ишмердүүлүгүн баалоо боюнча материалдар.
32. SWOT-анализ ж.б. документтер